М. КАСЕЙ, К. Ж. ШАМБЕТОВА, А. М. ШАКИРОВА

# МУЗЫКА

Башталгыч мектептин 4-классы үчүн окуу китеби

*Биринчи басылышы*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү*
*жана илим министрлиги тарабынан сунушталган*

Бишкек
2015

УДК 373.167.1
ББК 85.31 я721
К 28

**Касей М. ж. б.**

К 28 **Музыка.** Башталгыч мектептин 4-кл. үчүн окуу китеби / М. Касей, К. Шамбетова, А. Шакирова. – Б.: Билим-компьютер, 2015. – 120 б., илл.

ISBN-978-9967-31-376-7

Шарттуу белгилер


– Ырдоо

– Суроолор жана тапшырмалар

– Эсиңе сакта!

**К 4306021800 – 15**

**УДК 373.167.1**
**ББК 85.31 я721**

ISBN-978-9967-31-376-7

© Касей М., Шамбетова К., Шакирова А., 2015
© «Билим-компьютер», 2015
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

## КЫМБАТТУУ ОКУУЧУМ!

Бул окуу жылы да сени музыка дүйнөсүнө кызыктуу саякаттар күтүүдө. Сен искусствонун үч түрү – музыка, адабият жана көркөм сүрөттүн бири-бири менен өтө тыгыз байланышта экендигин окуп өздөштүрөсүң. Алардын мындай байланыштары бири-бирин толуктап, көркөмдөп турат. Ошондуктан элибизде илгертеден эле «Манас», «Курманбек», «Кожожаш» сыяктуу дастандар, элдик ырлар пайда болгон. Кийинки мезгилдерде алардын негизинде опера, балет, симфония сыяктуу музыкалар жаралган.

Окуу китебиңден залкар манасчылар, дастанчылар, күүчүлөр, композиторлор, обончулар менен таанышасың. Алар менен бирге ырдоо үчүн көптөгөн жаңы чыгармаларды өздөштүрүп, эпостордон, дастандардан, күүлөрдөн, ошондой эле симфония, опера, балет музыкаларынан уга аласың.

Музыкалык саякатың байсалдуу болсун!

## Музыканы уккум келет

Музыка деген эмне?

Музыка – бул аккан суунун шаркыраган добушу,
Музыка – бул күркүрөгөн чагылгандын добушу,
Музыка – бул токой ичи, тоңкулдактын добушу.
Музыка – бул сан түрлөнтүп сайраганы куштардын.
Музыка – бул шуулдагы бак-дарактын, шамалдын.
Музыка – бул ышкырыгы кыш чилдеде аяздын.
Музыка – бул тып-тып эткен жазгы тамчы үндөрү,
Музыка – бул дыбыраган жазгы жамгыр үндөрү.
Музыка – бул таңда туруп таңшыганы торгойдун,
Музыка – бул кубулжутуп сайраганы булбулдун,
Музыка – бул шамал жетпей учканы ал дулдулдун.
Музыка – бул көөдөн жарган күү кайрыктар керемети,
Музыка – бул жан эргиткен обондуу ыр бермети.
Музыканы көкүрөктө уккум келет,
Музыканы жан дүйнөмдө туйгум келет.
Музыканы көөдөнүмдө көргүм келет.

# БИЛИМ КҮНҮ!





# Биз окуган мектепте

Сөзү А. Көчөрбаевдики Музыкасы Р. Абдыкадыровдуку




Селкинчектен асманга
Серпилебиз көкөлөп.
Кубангандан кол чабат
Күмүш канат көпөлөк.
Кубангандан кол чабат
Күмүш канат көпөлөк.

Алма, өрүктөр желпинет,
Аба толкуп, жел жүрсө.
Жайнап түшөт мөмөсү
Жайлоодогу мөндүрчө.
Жайнап түшөт мөмөсү
Жайлоодогу мөндүрчө.

# АДАБИЯТ БОЛБОСО, МУЗЫКА КАНДАЙ БОЛОР ЭЛЕ?

## «Манас» эпосу музыкада

Кыргыз элинин адабияты эзелтеден бери эле калк ичинде кеңири тарап, өнүгүп келген. Кандай гана адабий чыгарманы албайлык, ал сөзсүз түрдө обондуу, музыкалуу болгон. Себеби ал адабий чыгармаларды ак таңдай ырчы-акындар жаратышкан. Анткени адам баласы сөз менен айтып жеткире албаган сезимди музыка аркылуу гана ички дүйнөнүн тереңине жеткире алган. Мындай чыгармалардын башаты – кыргыз элинин бүтүндөй тарыхын камтып, чагылдырган «Манас» эпосу.

«Манас» эпосун эң алгач ак таңдай ырчы-акын Жайсаң Үмөт уулу айткан. Ошондой эле, биз Түлөберди, Чоюке, Келдибек, Тыныбек, Акылбек, Чоюке, Балык сыяктуу манасчылардын ысымдарын билебиз. «Манас» айтуучулуктун эң акыркы залкарлары Сагынбай менен Саякбай болду. Алардын үчүгүн улап, кийинки муундагы манасчылар чыгышты. Алар Молдобасан Мусулманкул уулу, кытайлык кыргыз Жүсүп Мамай, Каба Атабек уулу, Шаабай Азиз уулу сыяктуулар. Бүгүнкү күндө манасчылык өнөрүн улаган жаш таланттар да аз эмес. Эпостун ар бир эпизоду мүнөзүнө жараша өзүнчө обонго салынып айтылуусу салтка айланган.



«Манас» эпосунан. *Т. Герцен*

### Суроолор жана тапшырмалар

1. «Манас» эпосунун музыка менен кандайча байланышы бар?
2. «Манасты» кимдер айткан?



# Айкөл Манас

(үзүндү)

Молдобасандын айтуусунда,
нотага түшүргөн М. Касей




Ээй! Баатыр Манас бабабыз,
Аккула минип балкайып.
Ала-Тоодой чалкайып,
Ат үстүндө заңкайып.
Арт жагынан карасаң,
Ак жолборстой түрү бар.
Маңдайынан карасаң,
Ажыдаардай сүрү бар ээй!

Кыйкырганда Манастын
Кырк миң бир шердей үнү бар.
Капталынан карасаң,
Кабылаңдай түрү бар.
Айкөл Манас келбети
Арыстандай сүрү бар.
Айкөл минген Аккула
Асыл тукум күлүк ал ээй!

### Бул кызыктуу!

Илгери Түлөберди аттуу чоң манасчы чыгып, даңкы далайга жетет. Кыргыздын дилин өчүрүш үчүн, душмандар адегенде манасчысын өлтүрмөк болушат. Түлөбердинин үйүнө он чакты жигит келип, эки колун аркасына байлап, алып жөнөшөт. Душман желдеттери таң атканча жол жүрүшүп, эртең менен болжогон жерине келишет. Желдеттер Түлөбердини ортодогу чоң өргөөнүн жанына түшүрүшөт. Ошол кезде таң каларлык бир укмуш болуптур. Бир маалда: «Ээй!» – деп, талаанын учу-кыйырына жеткире үн салып, Түлөберди таңшыта ырдап кирет. Аттар токулбай, кемедеги от ичкертилбей, тамак-ашка караган киши жок. Түлөбердинин обондуу ырын уккандардын баары мэмиреп, көшүлө угуп калышат.



Бир кезде Түлөберди айланасына караса, жоокерлер толуп, душмандын аскери бүтүндөй курчап калган экен. Түлөберди кызып, оозунан касиеттүү ыр берметтери чубуруп, нөшөрдөй төгүлөт. Ал ырды күндүр-түндүр ырдайт. Күндөр аптага айланат. Аптадан айга өтүп, Түлөбердинин ыры түгөнбөйт. Кыргыз элин чаап, кырып жоюуга камданып келген душмандын аскерлери: «Тобоо, туткунубуз ырчы экен, ырын угуп, анан курмандыкка чалалы!» – деп «ыр ширесине» малынып, кызыгына батып отура беришет. Бул ыр, учукыйыры жок «Манас» эле. Бир маалда душмандын кол башчысы: «Эй, баатырлар! Сапарыбыз карып кетти. Жол болбой калды. Туткунубуз касиеттүү, ыйык киши тура. Бир нече жумалап, айлап ырдаса да, оозунан шекер сөздүү ыры түгөнбөйт экен го. Бул ырчы эрдикти, баатырдыкты даңктаган көсөм турбайбы. Бул адамдын астына ат тартып, үстүнө чапан жаап, жолго чыгарып, узатып койгула. Биз эми үйгө кайталы, баатырлар!» – деген экен.

## ЭСИҢЕ САКТА!

Залкар манасчылар: Жайсаң
Түлөберди
Чоюке
Келдибек
Тыныбек
Акылбек



## Суроолор жана тапшырмалар

1. «Манас» эпосун эң алгач айткан ким?
2. Залкар манасчылардан кимдерди билесиңер?
3. Молдобасандын айтуусундагы «Айкөл Манастан» үзүндүнү жаттап, айтып бергиле.

## Молдобасан Мусулманкул уулу

(1883–1961)

*Талантуу манасчы, акын, комузчу,*
*Кыргыз Республикасынын эл артисти.*



Молдобасан Мусулманкул уулу Нарын облусуна караштуу Ак-Талаа районундагы Терек айылында туулган. Бала кезинен ар нерсеге жөндөмдүү Молдобасандын музыкага шыктуулугу артат. Ал жеке эле манасчылык эмес, комузчулук-күүчүлүктү, ырчы-акындыкты да өздөштүрөт. Молдобасандын манасчылык өнөрүнө эң алгач агасы Калыгул таасир берген.

1936–1952-жылдары Молдобасан Кыргыз филармониясында манасчы жана комузчу болуп иштеген. Ал 1939-жылы Москвада болуп өткөн кыргыз искусствосунун биринчи декадасына катышкан. Декадада өзүнүн өнөрүн көрсөтүү менен ийгиликтерди жаратып, жалпы элдин алкоосуна татыктуу болгон.

Молдобасан Мусулманкул уулунун эл алдында зор эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын эл артисти деген ардактуу наам берилген. Ал «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

Атактуу манасчы «Манас» үчилтигинин биринчи, экинчи («Манас», «Семетей») бөлүктөрүн айткан. Ошондой эле «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Жаңыл Мырза», «Кедейкан» сыяктуу кенже дастандарды ырдаган. Кара сөз менен «Баатыр Осмон», «Акылман кыз жана акмак хан» жомоктору жазылып алынган. Анын «Манас» баш болгон дастандары, жомоктору, ыр-күүлөрү кыргыз радиосунун алтын казынасында жазылып сакталууда.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Молдобасан Мусулманкул уулу жөнүндө айтып бергиле.

2. Молдобасан «Манас» үчилтигинин кайсы бөлүктөрүн айткан?
3. Молдобасандын манасчылыктан тышкары кандай өнөрлөрү болгон?

### Бул кызыктуу!

Тыныбек манасчы тууралуу элде ар кандай аңыздар айтылып келет. Ал улуу дастандан кеп баштап, дастандагы окуяларды кырааты менен, таамай чагылдырып айтчу экен. Ал эми, уруш-чабыш, жоо менен беттешүү сыяктуу окуялуу жерине келип кызыганда анын үнү ай-ааламга тарап, көккө жеткендей болчу дешет. Ал «Манас» айтып жатканда, боз үйдүн кереге-уугу кычырап, туурдугу желпилдеп, ак жайдын күнү кадимкидей күздүн күнүндөй нөшөрлөп жаан жаап, суук илеби келе түшчү экен. Ал гана эмес, бир заматта эле бороон болуп, кар жаап жиберчү дешет.

Эл ичинде анын «Манасты» 30 күн тынбай айткандыгы да айтылат. Тыныбек жарык дүйнө менен коштошор кезинде да «Манас» айтып жатып аалам салган экен. Ошондо жарым сааттай Ай тутулуптур. Чочулаган эл келме келтирип, азан айтышып, зикир чалуудан кийин Ай оңуна келген экен.

### ЭСИҢЕ САКТА!

Манасчылар: Балык
Сагынбай
Саякбай
Молдобасан

## Музыкалык сабат:

### Бас ачкычы

Балдар, силер ноталар ноталык сызыктарда жайланышарын билесиңер. Ал эми ноталык сызыктардын башында ачкыч орун алгандыгын өздөштүргөнсүңөр. Ачкычтардын бир нече түрү бар: скрипкалык, бастык, альттык сыяктуулар. Скрипкалык ачкыч менен таанышсыңар. Эми бас ачкычы менен таанышасыңар. Бас ачкычы скрипкалык ачкыч сыяктуу эле ноталык сызыктардын башынан орун алып, төртүнчү ноталык сызыктагы **фа** нотасынан башталып жазылат:



**Фа**

Бас ачкычындагы ноталар, скрипкалык ачкычтагы ноталар сыяктуу эле ноталык сызыктарда жана ал сызыктардын ортолорунда жайланышат. Ноталар ошондой эле ноталык беш сызыктын астындагы жана үстүндөгү кыска сызыкчаларда, алардын ортолорунда да орун алышат:



Ми Фа Соль Ля Си До Ре Ми Фа Соль Ля Си До

### ЭСИҢЕ САКТА!

Скрипкалык ачкыч (**соль** нотасы)
Бас ачкычы (**фа** нотасы)

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Музыкалык ачкычтардын кандай түрлөрү бар?
2. Бас ачкычынын жазылмасы кандай?
3. Скрипкалык ачкыч менен бас ачкычынын кандай айырмасы бар?

## «Семетей» эпосу

Элибиздин эбегейсиз улуу мурасы «Манас» жөнүндө ар бириbиз сыймык менен кеп кылабыз. Айкөлдүн атын атаган сайын көкүрөгүбүз кубанат. Анткени эзелтеден бери кыргыз элинин улутун жоготпой, элди биримдикке чакырган Айкөл Манас болду. Анын натыйжасында элибиз үрп-адат, салт-санаасын сактап, бүгүнкү күнгө жеткирген. «Семетей» дастаны да, өзүнчө мазмунга, көлөмгө, жогорку көркөмдүккө ээ болгон чыгарма. «Семетей» «Манасты» улаган, кыргыз элинин жашоо-тиричилигин камтыган тарыхый дастан. Манасчылар «Манасты» кандай айтышса, «Семетейди» да ошондой деңгээлде айтышкан.



Бакай менен Семетей.
«Семетей» эпосунан. *Т. Курманов*

«Семетей» дастанын бизге белгилүү Түлөберди, Тыныбек, Келдибек, Чоюке, Балык, Сагынбай, Саякбай сыяктуу залкар манасчылардын баары айтып келишкен. Алардын ичинен Саякбай Карала уулунун айтуусундагы «Семетей» жазылып алынган. Ал айткан «Семетей» бүгүнкү эпостордун эң мыктысы.

«Семетейде» «Манас» дастанындай эле, эл-жерди ички жана тышкы душмандардан коргоо, элдин бактысы, бакубат жашоо-тиричилиги үчүн кам көрүү чагылдырылган.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. «Семетей» эпосу жөнүндө айтып бергиле.
2. «Семетей» эпосун кимдер айтышкан?

# Каныкейдин жомогу

(үзүндү)



Саякбай Карала уулунун айтуусунда
Нотага түшүргөн М. Касей



Ээй! Чыркырап ыйлап буркурап,
Карагаттай кайран көз.
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнөдөй кайран көз.
Энеңден бөлөк-бөлөк жаш кетип.

Ой, кулунум, угуп ал,
Муңканганым Ак Сарай.
Кагылайын кулунум,
Муңумду мен айтайын.
Берен атаң өлгөндө,
Белдей калган сан дүйнө.
Казынаны алты арам,
Бөлгөндүгүн айтайын.

Ойго муну ала жүр,
Таласка ал конду эле.
Ок өтпөгөн тон жасап,
Ойрон энең мен элем.
Муңдуу көзүм бир далай,
Абыке, Көбөш эки арам,
Мындан көрдүм сабоону.
Адыбай, Көлбай төрт арам,
Андан көрдүм талоону.
Чыйбыт да, Кочкор алты арам,
Мындан көрдүм камоону.
Таластан бери жөө тентип,
Качканымды айтайын ээй.

Муңумду айтам бир далай.
Аргын кыргыз аралаш,
Элдин жайын айтайын.
Жылгындуу, Кең-Кол, Кең Талас,
Жердин жайын айтайын ээй!

# Жусуп Мамай
(1918–2014)



Дастан айтуучулук өнөрүнүн ири өкүлү Жусуп Мамай 1918-жылы Кытай Эл Республикасындагы Кыргыз автономиялуу облусунун Меркеч кыштагында туулган. Анын манасчылык жөндөмүнүн ачылышына агасы Балбайдын салымы чоң. Анткени Жусуп кичине кезинен көбүнчө агасы менен бирге болот. Балбай да өз кезинде «Манас» жыйноочулардан болгон. Жусупту 8 жашынан баштап Балбай улуу дастан менен тааныштырып, окутат.

Жусуп Мамай өзүнө гана тиешелүү айтуусунда «Манас» эпосунун 8 урпактан турган 18 томдук жыйнагын жазып, жарыкка чыгарат. Аларга «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Кененим», «Сейитим», «Асылбача-Бекбача», «Сомбилек», «Чигитей» сыяктуулар кирет. Залкар манасчы жазган эпостун жалпы мазмуну 196 миң ыр сапты түзгөн.

Жусуп Мамай «Манас» эпосун жыйноо жана өнүктүргөндөгү кошкон салымы үчүн 2008-жылы Кыргыз Республикасынын 3-даражадагы «Манас» ордени менен, ал эми 2011-жылы 1-даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган. 2014-жылы Кыргыз Эл Баатыры наамы ыйгарылган. Кытай Эл Республикасы тарабынан залкар манасчынын эмгеги жогору бааланып, «Кытай Эл Республикасынын «Каухары», «Тирүү Гомер» деген элдик наамдары ыйгарылып, мамлекет тарабынан толук камсыздоого алынат.

Залкар манасчы кыргыз жергесине бир нече ирет келип кеткен. Ал өмүрүнүн акырына чейин «Манасты» изилдөөчүлөр менен катнашта болуп, байланышын үзгөн эмес.

## ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Жусуп Мамай деген ким? Ал кандай манасчы?
2. «Каныкейдин жомогунан» үзүндүнү жаттап айткыла.

### Бул кызыктуу!



Семетейдин Таласка жүргөнү.
«Семетей» эпосунан. *Т. Курманов*

Улуу эпосту аялзаты да айтып келген. «Манас» үчилтигинен «Семетей» эпосун өзүнчө көркөмдүктө айткандарды да кезиктиребиз. Алардын бири Сейдене Молдоке кызы. Сейдене «Семетей» эпосун толугу менен айткан. Ал коңгуроодой назик үнү менен эпосту жогорку көркөмдүктө, бир нече саат тынбай айткан.

Анын айтуусунда кыргыз радиосуна «Семетей» эпосунун «Тайторуну сүрөө», «Семетейдин Сары Таз менен жолугушканы», «Чынкожо менен Толтойдун Акунхан менен болгон чатагы», «Семетейдин Чынкожо, Толтойду жеңип, Айчүрөктү Таласка алып келиши», «Семетей менен Коңурбайдын чатагынын башталышы», «Коңурбайдын өлүмү» аттуу бөлүмдөрү толугу менен жазылып алынган.

### ЭСИҢЕ САКТА!

Манасчы
Жүсүп Мамай
Семетейчи
Сейдене

# Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы

(үзүндү)



Саякбайдын айтуусунда,
нотага түшүргөн М. Касей



Асыл энең Каныкей,
Дүрбү салып турду эле.
Чыгырыгын имерип,
Чын көзүнө жиберип.
Бурамасын имерип,
Булкуп көзгө жиберип.
Аттарга дүрбү салды эле,
Ат кабарын алды эле.
Кылтылдатпай бек кармап,
Кыдыра дүрбү салды эле, ээй!

Кең кепенин четинде,
Берки Кырым бетинде.
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө,
Энекеңден жан чыгат.
Абайлап артын караса,
Атасынын Ак тулпар,
Алыстап чуркап алыптыр.
Анын артын караса,
Чоң кашка тулпар чаңы экен.

Мунун артын караса,
Чоң күрөң сындуу мал экен.
Тегиз тиктеп караса,
Теминип камчы салыптыр.
Темиркандын төрт тулпар,
Тээ, узап чуркап алыптыр ээй!..

## ? Суроолор жана тапшырмалар

1. «Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы» үчилтиктин кайсы бөлүмүнө кирет?
2. «Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышын» кимдер айткан?
3. Бул бөлүмдүн мазмуну кандай?

## Каба Атабек уулу
(1926–2004)



Калк ичинде кадырлуу манасчы Каба Ысык-Көл облусуна караштуу Тоң аймагындагы Төрт-Күл айылында туулган. Анын атасы Атабек көп сүйлөбөгөн, жаман айтпаган, адилет адам болуптур. Каба кичине кезинде эле атасы:

– Ушу Кабамда бирдеме бар, жаман айтпагыла балама, – деп айтып калчу экен.

Каба 12 жашынан «Манас» айта баштаган. Кадимки манасчылардай эле анын айтуучулук чыгармачылыгы кереметтүү түш көрүү менен байланышкан. Түшүндө ак сакалдуу атчан абышка «Манас» айтуугa өкүм менен буйрук берет:

– Эй бала! Кыжылдаган көп кол келди, көзүңдү ачып карачы мына бул тегеректи. Тээтиги ак асаба туу болгон, айгайлашып чуу болгон, ошол Манастын колу. Тиги баатырлардын ысымдарын айтчы, – дегенде көзүн ачып айланасын караса, чын эле жайнаган кол келиптир. Атчан жоокерлер ары-бери бастырышып, найзанын башы эле жытылдайт, – деп эскерген экен.

Каба «Манас» айтуучулукту улуу Саякбайды көрүп, угуп жүрүп, таалимин алат. Анын «Манас» айтууда отурган жеринен козголушу, колдорун ары-бери жаңсап шилтөөсү, келбетинин өзгөрүлүшү Саякбайдын ыкмасындай калыптанган. Саякбай анын чыныгы устаты болгон.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Манасчы Каба Атабек уулу жөнүндө айтып бергиле.
2. Кабанын устаты ким болгон?

### Бул кызыктуу!

Бир араб жигити Кыргызстанга келип, политехникалык институтта окуйт. Кийин окуусун бүтүп, өз мекени Эмиратка кетет. Арадан бир топ жылдар өтүп, ал Кыргызстанга чогуу окуган курсташтарына конокко келет. Ага курсташтары абдан сый-урмат көрсөтүшүп, Соң-Көлгө эс алганы барышып, конок тосуу каадасын өткөрүшөт. Соң-Көлдүн жээгиндеги Манас атанын Кереге-Ташын көрсөтүшөт. Аны көргөн араб жигит шакаба менен кабыл алып, күлүп: «Манасыңар тимеле дөө болгон го», – деп шылдың кылат. Анын бул шакабасын кыргыз жигиттери жактыра бербейт. Ошентип, түнкүсүн алар боз үйдө жатышат. Түндүн бир оокумунда баягы араб жигит бакырып-өкүрүп, чочуп тура калат. Эмне болду деп сурашса, ал: «Бир дөөдөй болгон киши келип, Манасты шылдың кылган сенсиңби деп, тизеси менен муунта, көкүрөгүмдөн басып кыйнады», – деп улам-улам эстеген сайын келме келтирет.

Эртеси таң атары менен Кереге-Ташка барып, куран окутуп, кечирим сураган экен. Демек, Айкөл атанын кеменгерлигине шек келтирген ким болбосун улутуна карабай жазасын алары анык.

### ЭСИҢЕ САКТА!

«Семетей» дастаны
Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы
Каныкейдин жомогу

## «Сейтек» эпосу

«Сейтек» эпосу – «Манас» үчилтигинин бир бөлүмү. «Манас», «Семетей» эпостору сыяктуу эле, «Сейтек» эпосу да айтуучулардын репертуарынан түшпөй келүүдө. Манасчылардын акыркы залкарларынын бири Жусуп Мамай болду. Ал «Манас» үчилтигин толук айтып, кагаз бетине түшүргөн. Залкар манасчылар жеке эле «Манас» үчилтигин гана айтпастан, анын уландысы «Кенен», Кенендин балдары «Алым Сарык», «Кулан Сарык» эпосторун да айтышкан.

Бүгүнкү күндө улуулардын учугун улап, «Манас» үчилтигин айтуучу жаш манасчылар да чыга келишти. Атап айтсак, Рыспай, Рысбек, Дөөлөтбек жана башкалар. Булардын ичинен Дөөлөтбек Сыдык уулу «Манас» үчилтигин айтуу менен бирге «Сейтек» эпосун өз колу менен кагазга түшүрүп, басмадан чыгарды.



Сейтек менен Акжолтойдун үйлөнүшү.
«Сейтек» эпосунан. *Т. Курманов*

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. «Сейтек» эпосу жөнүндө айтып бергиле.
2. Жаш манасчылардан кимдерди билесиңер?

# Сейтектин чоңоюшу

(үзүнду)



Дөөлөт Сыдык уулунун айтуусунда,
нотага түшүргөн М. Касей

Шашпай, салмактуу



Ээй! Бир- ге жа - шы и - ли- нип, Бир жа -шын- да би - ли - нип.
Кой көз-дө - рү ко - ю - лап, Жан-дуу бо - луп ти - ри - лип.
Э - ки жаш-ка кел-ген- де, Ти - ли чык ты сөз - дө - луп.
Кы - зык кы- лык баш-тал-ды, Кыл-ган- да - ры өз - гө - рүп.
Үч жа - шы - на кел-ген - де, Бой - го та - рап күч то - луп.
Төрт жа-шы- на кел- ген- де, Ан - дан кү - чөп ал - дуу-лук.
Беш жа - шы-на кел - ген-де, Бей-пай сал- ды жал- пы - га.



Ээй! Чү - рөк э - нен Сей-тек-ке, Он се - гиз миң аа - лам-ды,
А - дал ме-нен а - рам-ды, Жак-шы ме - нен жа - ман-ды,
А - гы ме- нен ка - ра - ны, У - зун ме - нен кыс- ка - ны.
У - луу - лар-дан нус- ка - ны. Кан- дай бо - лот жа - кы - ны,
Кан- дай бо - лот душ-ма -ны, Баа - рын ай - тып чык- ка- ны



Ээй! То - гуз жаш-ка кел- ген- де, Тын-чып бат- пай эл - дер - ге.
Эл - ге са - лык сал-дыр-бай, Жар-ты ты - йын ал- дыр-бай.
Жар-ды ки - ши кал-тыр-бай, Те - гиз бө - лүп жай-ма жай.
Бай- дын а - лып бай- лы-гын, Жар- ды- лар- га бер-ди ай.



Ээй! Мы- на/о- шон- до Эр Сей- тек, Ка- ра - па- йым кал- кы - на.
Ол- жо тап - са о - ро - шон, Тең-деп бөл-дү жар- ды - га.
Бай - дын ал - ган са - лы - гын, Калк-ка кай-ра бөл- гө - нү.
Тең - чи - лик - ти, тең-дик- ти, Кы - ла - йын деп көз-дө - дү.



Эр Се-мең-дин ба - ла - сы, Эл баш - ка - рып жөн - дө - дү ээй!

Ээй! Бирге жашы илинип,
Бир жашында билинип.
Кой көздөрү коюлап,
Жандуу болуп тирилип.
Эки жашка келгенде,
Тили чыкты сөздөлүп.
Кызык кылык башталды,
Кылгандары өзгөрүп.
Үч жашына келгенде,
Бойго тарап күч толуп.
Төрт жашына келгенде,
Анда күчөп алдуулук.
Беш жашына келгенде
Бейпай салды жалпыга ээй.

Чүрөк энең Сейтекке,
Он сегиз миң ааламды,
Адал менен арамды,
Жакшы менен жаманды,
Агы менен караны,
Узун менен кысканы,
Улуулардан нусканы,
Кандай болот жакыны,
Кандай болот душманы,
Баарын айтып чыкканы ээй!

Тогуз жашка келгенде,
Тынчып батпай элдерге.
Элге салык салдырбай,
Жарты тыйын алдырбай.
Жарды киши калтырбай,
Тегиз бөлүп жайма-жай.
Байдын алып байлыгын,
Жардыларга берди ай ээй!

Мына ошондо Эр Сейтек,
Карапайым калкына.
Олжо тапса орошон,
Теңдеп бөлдү жардыга.
Байдын алган салыгын,
Калкка кайра бөлгөнү.
Теңчиликти, теңдикти,
Кылайын деп көздөдү.
Эр Семеңдин баласы,
Эл башкарып жөндөдү ээй!..



Сейтектин төрөлүшү.
«Сейтек» эпосунан. *Т. Курманов*

## Бул кызыктуу!

1936-жылы залкар манасчы Шапак Рысменде уулунан «Сейтектин» 14 718 ыр сабы жазылып алынган. 1936–1938-жылдар ичинде эл акыны Тоголок Молдонун жазып бергени 2 230 саптан турат. «Сейтек» белгилүү манасчы Молдобасан Мусулманкул уулунун айтуусу боюнча да жазылып алынган.

Залкар манасчы Саякбай Каралаевден 84 697 сап ыр, ал эми 1972-жылы манасчы Мамбет Чокморовдон 23 340 сап ыр жазылып алынган. Кийинки мезгилде 1984–1995-жылдар аралыгында «Манас» эпосунун 8 урпактан турган 18 томдугун кытайлык кыргыз манасчы Жусуп Мамай жазып, жарыкка чыгарды. Анын ичинде «Сейтек» бөлүмү да бар.

## ! ЭСИҢЕ САКТА!

Манасчылар: Шапак Рысменде
Тоголок Молдо
Мамбет Чокмор уулу

## ? Суроолор жана тапшырмалар

1. «Сейтек» эпосун кимдер айтышкан?
2. «Сейтектин чоңоюшу» бөлүмүн ким айткан?

## Шаабай Азиз уулу
(1927–2004)



Акыркы кылымдын атактуу манасчыларынын бири Шаабай Азиз уулу болду. «Манас» айтуучулук өнөрүндө анын орчундуу орду бар. Ал Ысык-Көл өрөөнүндөгү Ак-Суу аймагынын Үч-Кайнар деген жеринде туулган.

Шаабайдын атасынын агасы, айтылуу залкар манасчы Чоюке 1925-жылы Ысык-Көлдүн Карабөлтөк деген жеринде каза болот. Азиз да «Манас» айтчу экен, кийин уулу чоңойгондо Шаабайга ишенип, «Манасты» көп айтпай калат.

Башка манасчылардай эле Шаабай бала кезинде түшүнөн аян берүү менен «Манас» айтып калат. Анын устаты залкар манасчы Саякбай Карала уулу болгон. Шаабай Азиз уулу улуу эпосту айтуу менен, өзүнүн вариантын түзгөн. Ал улуу эпостун үчилтигин («Манас», «Семетей», «Сейтек») айтуу менен бирге, «Эр Сарык», «Кулан Сарык», «Алым Сарык», «Кенен Баатыр» сыяктуу уландысын да айткан.

Шаабай Азиз улуу эпосту айтып өнүктүрүүчү манасчылардын катарында залкарлардын бири.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Шаабай Азиз уулу жөнүндө айтып бергиле.
2. Шаабайдын атасы ким болгон?
3. «Сейтектин чоңоюшун» жаттап айткыла.

**Бул кызыктуу!**

Шаабай бала кезиндеги күндөрүнүн биринде, эчки кайтарып жүрүп, Чоюкенин мүрзөсүнүн жанына эсинен танып, жатып калат. Эчкилер үйүн таап, короосуна келет. Бала эмне болду? – деп Азиз издеп жүрүп, Кудук деген жерден таап келет. Ошого чейин Шаабай өзүн билбейт. Бир маалда төшөктө жатканын билет. Ошондон баштап, өзүнчө эле оозу-башы кыбырап, үйдө отура албай, эмнегедир ээлигип, ырдагысы эле келип калат. Бирок ата-энесинен, элден уялып, корунат. Кайсы убак болбосун, ал ээн талаага, үңкүр же чоң таштын түбүнө барып, моокуму канганча ырдап, күпүлдөтө «Манас» айтып черин жазат.

Күндөрдүн биринде ал талаада «Манас» айтып жатканын мал кайтарып жүргөн теңтуштары көрүп калат. Ал кабар атасына жетет. Атасы айыл аксакалдарын чакырып бата алат. Мына ушул мезгилден баштап, Шаабай «Манас» дастанын эл арасында ачык айта баштайт.



Кичинекей манасчы Үмөт Дөөлөт уулу

## Музыкалык сабат:

### Темп

**Темп** – бул музыкалык чыгарманын жүрүш ылдамдыгы. Темп музыкалык чыгарманын мүнөзү менен байланышта. Чыгарманын темпи башында коюлат. Кээде ал чыгарманын кээ бир кайрыктарынын мүнөзү, жүрүшү өзгөрүлгөндө, ошол кайрыктын башына коюлат. Темп негизги үч топко бөлүнөт. Алар: жай, орто, тез.

Ташбака *жай* жүрөт.



Ит *ылдам* чуркайт.



Самолёт *өтө тез* учат.



## ЭСИҢЕ САКТА!

Манасчылар: Каба Атабек уулу
Шаабай Азиз уулу



Сейтек Карадөөнү өлтүргөнү.
«Сейтек» эпосунан. *Т. Курманов*

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Атактуу манасчылар кимдер?
2. Бүгүнкү күндөгү жаш «Манас» айтуучулардан кимдерди билесиңер? «Сейтек» эпосун кимдер айткан?
3. Музыкалык чыгарманын жүрүш ылдамдыгы кандай аталат? Музыкадагы жүрүш ылдамдыгынын кандай түрлөрү бар?

# КРОССВОРД



**Туурасынан:**

**1.** Сейтектин чоң энеси.

**2.** Манастын небереси.

**3.** Алманбеттин өмүрлүк жары.

**4.** «Журт атасы» аталган хан.

**5.** «Кыркууз» мамлекетинин ханы.

**Тигинен:**

**1.** «Манас» эпосун эң алгачкы айткан манасчы.

**2.** Манастын эмчектеш бир тууганы.

**3.** «Манас» эпосунун экинчи бөлүмүнүн аталышы.

**4.** Касиети зор манасчы.

**5.** Каныкей ат чабышта чапкан күлүк.

# МУЗЫКА БОЛБОСО, АДАБИЯТ КАНДАЙ БОЛОР ЭЛЕ?

## «Манас» эпосу композитордук музыкада

Кыргыз элинин улуу эпосу «Манас» бүтүн дүйнөгө белгилүү болду. Аны даңазалоодо жеке эле манасчылардын гана эмес, композиторлордун да салымы зор. Анткени XX кылымдын башынан эле кыргыз композиторлору «Манас» эпосунун обонунун негизинде бир топ чыгармаларын жаратышкан. Композиторлор А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере «Манас» эпосунун негизинде «Манас», «Айчүрөк» операларын жазышкан. Ал эми симфониялык музыка жагында, композитор К. Молдобасанов «Манас кошууну» аттуу симфониялык сүрөттөмөсүн, М. Бегалиев скрипка жана фортепиано аспаптары үчүн «Манас сонатасы» чыгармаларын жаратышты.



### Суроолор жана тапшырмалар

1. Манасчылык өнөрү кандай өзгөчөлүгү менен даңазалуу?
2. «Манас» эпосу боюнча композиторлор кандай музыкалык чыгармаларды жаратышкан?
3. «Манас» эпосу менен композиторлордун чыгармачылыгынын байланышы эмнеде?



# Мен кыргыздын уулумун

Музыкасы, сөзү Ш. Эсенгуловдуку




Уламалуу уясындай ыйык Нур-Куттун,
Уюткулуу улут болуп устун тургуздуң.
Кыйындыкта оттой жанып, белин чечпеген,
Мен уулумун көз ирмебес баатыр кыргыздын.

*Кайырма*: Сыймыктанам, мактанам,
Бүт дүйнөгө жар салам,
Уулу болом нурдан бүткөн асыл кыргыздын.

Түпкүлүгүн түптөп бекем жашоо-турмуштун,
Түк буздурбай сактап боосун таза чындыктын.
Бүт чегилип түндүгүнө жылдыз кадаган,
Мен уулумун кут ширеткен чебер кыргыздын.

*Кайырма*:

## «Манас» операсы

«Манас» операсы алгачкы баатырдык-патриоттук спектаклдердин бири болуп саналат. Ал биринчи жолу 1946-жылы сахнага коюлган. Кийинчерээк опера кайрадан толукталып, иштелип чыгып, сахнада көрсөтүлгөн. Мына ошондон баштап, бүгүнкү күнгө чейин сахнадан түшпөй коюлуп келе жатат.

Операны бизге белгилүү болгон атактуу композиторлор А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере жазышкан. Чыгарманын бүтүндөй обонун А. Малдыбаев жазып чыккан. Композиторлор «Манас» операсынын музыкасынын негизине эпостун обондорунан, ошондой эле элдик обондордун жана күүлөрдүн кайрыктарынан колдонушкан.

Операнын негизги каармандары Манас менен Каныкей жана алардын эл менен тыгыз байланышы көрсөтүлгөн. Композиторлор Манастын баатырдыгын, кайраттуулугун, айкөлдүгүн, мээримдүүлүгүн өзгөчө белгилөө менен баатырдык образды түзүшкөн.



«Манас» операсынан фрагмент

Операда эң негизги орунду хорлор ээлейт. Ошол хорлордун аркасында эпикалык чоң сүрөттөөлөр түзүлгөн. Хордук сценаларда элдин турмушунун ар түрдүү мезгилдери көрсөтүлгөн. Мисалы, Каныкей өргөөсүнүн алдындагы аялдар хору элдин бейпил турмушун даңктайт.

Операнын башкы оң каармандарынын бири – Сыргак элдин кызыкчылыгы үчүн кам көргөн баатыр, ал эми Кошой баатырдын кызы Канайым акылга бай, элдин камын ойлогон каарман катары

сүрөттөлөт. Сыргак баатыр менен Канайым сулуунун образдары ачык обондуу келген, уккулуктуу музыка менен коштолот:



Манастын жоокерлери душманга жүрүшкө аттанарда ырдалуучу ыр жоокерлердин салтанаттуу анты, Ата Журттун гимни катары жаңырат. Мында «Манас» эпосунун обону колдонулгандыгын угабыз:



Манас бир нече темалар аркылуу мүнөздөлөт. Алсак, увертюранын биринчи темасы, ал кийинки Манастын ариясында жана кылыч тапшырган сценасында жаңырат. Ал тема ар дайым Манастын сахнага келишин коштоп турат. Бул темаларда «Манас» эпосунун обонунун колдонулушун ачык көрө алабыз:



## Суроолор жана тапшырмалар

1. «Манас» операсын кимдер жазышкан?
2. Операны жазууда кандай музыкалар колдонулган?
3. Композиторлор операда кандай каармандарды түзүшкөн?
4. Манастын образы операда кандай берилген.

## Абдылас Малдыбаевич Малдыбаев
(1906–1978)



Тунгуч композитор. Кыргыз Республикасынын эл артисти. Композитордук музыканын негиз салуучуларынын бири. Композитордун чыгармачылыгы көп кырдуу болгон. Ал балдар үчүн ырлардан («Мына минтип», «Тилек») баштап, симфониялык («Майрам күү», «Жайлоодо»), опералык чыгармаларына («Айчүрөк», «Манас») чейин жазган. 300дөн ашык ырларды, хорлорду, романстарды, кантаталарды жазган. А. Малдыбаев жеке эле композитор гана болбостон, мыкты ырчы катары да элге таанылган. Ал элдик обондордон баштап, классикалык ырлардан, опералык негизги партияларга чейин аткарган. Композитор балдар үчүн да «Жүр мектепке», «Агалардай болобуз», «Ой, энеке!», «Жемиш багым», «Май келди» сыяктуу ондогон обондорду жараткан.

## Владимир Александрович Власов
(1902–1986)



Композитор. Кыргыз Республикасынын эл артисти. Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Музыкалык мектепте окуган. 1922-жылдан баштап Москвадагы П. И. Чайковский атындагы консерваторияда скрипка аспабында ойноо менен бирге композитордук бөлүмүндө окуйт.

В. Власов 1936-жылы Кыргызстанга келип эмгектенет. Ал кыргыз музыкалык маданиятынын өсүп-өнүгүшү үчүн зор салымын кошот.

Власовдун чыгармачылыгы көп кырдуу. Ал аспаптык чыгармалардан баштап, кантаталарды, ораторияларды, симфониялык чы-

гармаларды, балеттерди, оперетта, операларды, музыкалык драмаларды жараткан.

## Владимир Георгиевич Фере
(1902–1971)



Композитор. Кыргыз Республикасынын эл артисти. Профессор. 1922-жылы Москвадагы П. И. Чайковский атындагы консерваторияга окууга кирет. Фортепиано жана композитордук класстары боюнча билим алат.

1936-жылы Кыргызстанга келип, Кыргыз филармониясында көркөм жетекчи болуп эмгектенет. 1945-жылдан баштап Москва консерваториясында эмгектенет. Анда көптөгөн жаш композиторлорду тарбиялап чыгат. Алардын ичинде А. Малдыбаев, М. Абдраев, А. Тулеев, А. Аманбаев, Т. Эрматовдор да болгон.

В. Фере өзүнүн чыгармачылыгында аспаптык чыгармаларды, ырларды, романстарды, вокалдык түрмөктөрдү, оркестрдик чыгармаларды жазат. Ал А. Малдыбаев, В. Власов менен биргелешип, кыргыз композитордук музыкасына негиз салган. Алардын чыгармачылыктары көп жылдар бою бирге өтөт. Композиторлор биргелешип, «Алтын кыз», «Ажал ордуна» музыкалуу драмаларын; «Айчүрөк», «Манас», «Патриоттор», «Көл жээгинде», «Токтогул» сыяктуу операларды жаратышат. Бир топ ораторияларды, хорлорду, кантаталарды жазышат.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. А. Малдыбаев деген ким?
2. Композиторлор В. Власов жана В. Фере Кыргызстанга качан келишкен?
3. Композиторлор биргелешип кандай чыгармаларды жаратышкан?



# Эне тил

Сөзү Ж. Садыковдуку

Музыкасы Т. Туркменовдуку




Алоолонуп, окшоп кызыл жалынга,
Ар намысым ойноп турат канымда.
Мен кыргызмын бешик ырдан торолгон,
Мен кыргызмын эне тилим барында.

*Кайырма*: Атак-даңкы таш жарган
«Айкөл Манас» дастандан.
Агып чыккан булактар
Эне тилден башталган.

Аалам билип, дүйнө жүзү тааныган
Артык көрөм эне тилди баарынан.
Элди, жерди сүйгөндүгү чын болсо,
Эне тилин сүйүү керек ар улан.

*Кайырма*:

### Бул кызыктуу!

«Манас» операсынын либреттосун акындар А. Токомбаев менен К. Маликов жазган. Операнын өзөгүнө «Көкөтөйдүн ашы» алынган. Операнын мазмуну төмөндөгүдөй баяндалат.

Кытай элинин ханы Коңурбай Көкөтөйдүн ашына чакыруу кабарын алат. Ал кыргыздар аш берүү менен алек болуп турган мезгилде аларга кол салууну эң ыңгайлуу учур деп ойлойт. Алдыдагы коркунучту сезген кыргыздын алты ханы Манаска кат жазып, чабаганчы жиберишет. Чабаганчы жаш Айдар жел жеткис күлүгү менен баатырга катты жеткирет. Жаман кабарды уккандан кийин Манас алты ханга жардам берүүнү чечет. Каныкей Манаска салтанаттуу түрдө кылыч тапшырат.

Коңурбай болсо мурда ойлогон оюн ишке ашырыш үчүн баскынчылык согушун баштап, тынч жаткан элди чаап, туткунга алат. Жеңил жеңишке жеткен Коңурбай жоокерлери менен сайрандап жатканда Манас жоокерлери менен келип калат. Ошондо Коңурбай кууланып, Манастан кечирим сурайт.

Элдик оюн-зоок башталып, кезек балбандарга келет. Коңурбайдын Жолой баатыры менен Кошой балбан күрөшүп, Кошой жеңип чыгат. Арамза Коңурбайдын ачуусу келип, той-тамашадан кетип калат. Бирок колу менен кайтып келип, капыстан кол салат. Ою орундалбай, колу талкаланып, Манас колу менен жеңишке ээ болот.



Кошой менен Жолойдун күрөшү. *Т. Герцен*

## Музыкалык сабат:

### Өлчөм – 2/4

Ноталык жазылмада чыгармалардын ыргагына жараша ар кандай өлчөмдөр колдонулат. Өлчөмдөр ноталык сызыктардын башында, ачкычтан кийин коюлуп, эки санда көрсөтүлөт. Мисалы, эки чейректик (2/4), үч чейректик (3/4), төрт чейректик (4/4). Жогорку сан тактынын ичиндеги үлүштү көрсөтөт (2 үлүш, 3 үлүш, 4 үлүш). Ал эми төмөнкү сан ар тактынын ичи чейректик (4) үлүшкө барабар экендигин билдирет. Мисалы 2/4 өлчөмү төмөндөгүдөй жазылат:



Эки чейректик (2/4) өлчөмдөгү чыгармаларга өткөн сабактарда өздөштүргөн «Эне тил» ырын мисалга алсак болот. Эки үлүштүү өлчөмдө, биринчи үлүш күчтүү басым менен, ал эми экинчи үлүш күчсүз, басымсыз болот. Күчтүү басым менен көрсөтүлгөн добуштарга коюлуучу белги – > – «акцент» деп да аталат. Ал белги ар бир тактынын биринчи үлүшүндөгү нотанын үстүнө коюлат:



Эки үлүштүү өлчөмдү дирижирлөөдө оң кол «бир» деген санагында төмөн карай, ал эми «эки» деген санагында жогору көздөй шилтенет:



**Музыкалык сөздүк:**

**Акт** (латынча actus – көрүнүш) – театр сахнасында коюлган оюндардын (мисалы, драманын, операнын, балеттин) өзүнчө бир бүтүмгө ээ болгон бөлүмү. Ал бөлүмдөрдүн аралыгында танапистер болуп турат. Ошол акт деп аталган бөлүм сүрөттөргө бөлүнөт.

**Ария** (италияча aria) – опера, оратория, кантата чыгармаларындагы жеке солисттин оркестрдин коштоосу менен аткаруусундагы өзүнчө бир бүтүмдөгү ыр жанры. Арияга өзүнүн көркөмдүк маани-маңызы боюнча драмалык оюндагы монолог мүнөздүү.

**Сцена** (латынча scaena сөзүнөн алынган). 1. Театр оюндары коюлуучу аянтча, башкача айтканда – сахна. 2. Операларда, балеттерде жана башка спектаклдерде, актыларындагы музыкалык сахналаштырылган сүрөтү, ошондой эле, аны аткарууга катышкан аткаруучулар тобу аталат.

**Увертюра** (латынча aperture – ачуу, баштоо дегенди билдирет) – опера, балет, оратория драма сыяктуу чыгармалардагы киришүү (бет ачар) бөлүмү. Ал өзүнчө оркестр үчүн жазылган чыгарма катары эсептелет.

## ЭСИҢЕ САКТА!

Акт
Ария
Сцена
Увертюра

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыз композиторлору «Манас» эпосу боюнча кандай чыгармаларды жаратышкан?
2. «Манас» операсы жөнүндө айтып бергиле.
3. Музыкалык өлчөм деген эмне? Өлчөмдүн кандай түрлөрү бар?

# Калый Молдобасановдун «Манас кошууну» симфониялык сүрөттөмөсү

Кыргыз элинин атактуу композитору Калый Молдобасанов өзүнүн чыгармачылыгында көптөгөн элдик музыкалык жанрларга кайрылган. Анын чыгармаларынан элдик обондордун, күүлөрдүн, ошондой эле өзгөчө «Манас» эпосунун обондорунун кайрыктарын колдонгондугун кезиктиребиз. Композитордун мындай чыгармаларынын бири – «Манас кошууну» аттуу симфониялык сүрөттөмөсү. Бул чыгармада композитор эпикалык образдарды, улуттук колоритти ачып берүү үчүн «Манас» эпосунун обонун пайдаланган:



Симфониялык сүрөттөмөдө композитор баатыр Манастын жана анын жоокерлеринин мүнөздөлүшүн эпостун обонунун негизинде көркөм сүрөттөгөн. Анда найзалардын, кылычтардын кагылышы, жаа жебелеринин учушу, ооздуктарын карсылдата чайнаган, алкынган аргымактардын чуркашы сыяктуулардын ыргактуу сүрөттөлүшүн таасын ачып бере алган.



Чабышуу. «Манас» эпосунан. *Т. Герцен*



# Ата Мекен

Музыкасы, сөзү М. Касейдики




Байыр алып эзелтеден,
Баалай билип сактап келген.
Баркына биз жетели, ал
Баа жеткис Ата Мекен (*2 жолу*).

Көк асаба желбиреткен,
Көкөлөтүп менин жергем,
Көөдөнүмдү кубандырган,
Көөнөрбөс Ата Мекен (*2 жолу*).

Кымбат баалуу менин жергем,
Кылымдарды жашап келген.
Асылдыгы абдан бийик,
Ардактуу Ата Мекен (*2 жолу*).

## Калый Молдобасанов
(1929–2009)



Кыргыз элинин атактуу композиторлорунун бири – Калый Молдобасанов. Анын чыгармачылыгы көп кырдуу. Молдобасановдун чыгармачылыгында маанилүү орунду «Куйручук», «Саманчынын жолу» балеттери, «Жаштык бийи» «Жоогазындар бийи», «Жаз вальсы», «Биздин замандын кишилери» хореографиялык сюиталары, «Манас кошуунунда» симфониялык сүрөттөмөсү сыяктуу программалуу оркестрдик чыгармалар да ээлейт.

Композитор балдар үчүн музыка жазган. Атап айтсак, скрипка жана фортепиано үчүн 10 пьеса, фортепиано үчүн 24 пьеса, акын Т. Кожомбердиевдин сөзүнө «Бактылуу балдар» аттуу сопрано жана фортепиано үчүн ырлар түрмөгү өңдүү көптөгөн чыгармаларды жазган. Эл, жер, мекенине арнап, «Гүлдө Кыргызстан», Бишкек шаарынын 100 жылдыгына арнап, «Гүлдөгөн шаар» аттуу чыгармаларын жараткан.

К. Молдобасанов кыргыз фольклор кайрыктарынан, ошондой эле заманбап музыкалык көркөм каражаттарынан колдонгон. Чыгармаларынан өзгөчө «Манас» эпосунун обондорун да кеңири кездештиребиз. Молдобасановдун чыгармачылыгы улуттук маданият гана эмес, чет элге да кулачын кеңири жайган.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Калый Молдобасанов деген ким?
2. Композитордун кандай чыгармалары бар?
3. «Манас кошууну» чыгармасы кандай чыгарма?
4. Композитор өзүнүн чыгармасында «Манас» обондорун кандай максатта колдонгон?

### Бул кызыктуу!

Болочок композитордун балалык кези элдик өнөрдү бийик туткан атактуу өнөрпоздордун тегерегинде өтөт. Алар: залкар комузчулар Карамолдо Ороз уулу, Муратаалы Күрөңкөй уулу, Ыбырай Туман уулу; булбул ырчылар Атай Огонбай уулу, Муса Бает уулу; көрүнүктүү кыл кыякчы Саид Бекмурат уулу, белгилүү обончу-композитор Жумамүдүн Шералы уулу, куудул Шаршен Термечик уулу жана башкалар болгон. Алар кыргыз музыкалык маданиятынын байлыгын сакташкан. Алардын өнөрлөрү Калыйдын ички дүйнөсүн ачып, музыкалык шык-жөндөмүн өркүндөтүүгө жол ачкан. Алар кайсы жерде гастролдо болсо, Калый да ошол жерде болгон.

1941-жылы эр-азаматтардын баары согушка кетишет. Эл аспаптар оркестринин артистеринин көбү согуш майданына аттанышат. Ал мезгилде 13 жаштагы Калый оркестрде иштөөгө кабыл алынат. Ошентип, анын оркестрде комузчу артист болуп эмгек күнү башталат. Көп өтпөй Атай Огонбаев жетектеген комузчулар ансамблинде да ойнойт. Ал филармониянын артистери менен көптөгөн жерлерди кыдырып, концерт коюуга катышат. Анын музыкалык жөндөмү, тынымсыз өркүндөп-өсүү жолунда болот. Согуш бүткөндөн кийин ал оркестрдеги ишин улантуу менен музыкалык окуу жайында окуйт.


Эл аспаптар оркестри

1950-жылы музыкалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, Москвадагы П. И. Чайковский атындагы консерваторияга 2-курска кабыл алынат. Ошентип, окуу менен кошо чыгармачылыгын өркүндөтүп, кийинчерээк элге атагы чыккан композитор болуп, балдар үчүн чыгармалардан баштап, көлөмдүү симфониялык, балеттик чыгармаларга чейин жаратат.

## Музыкалык сабат:

### Өлчөм – 3/4

Үч үлүштүү өлчөм скрипкалык ачкычтан кийин коюлуп, эки сан менен (¾) берилет. Жогорку сан (3) ар бир тактыда үч үлүш бар дегенди билдирет. Ал эми төмөнкү (4) сан ар бир үлүш чейректик созулушка барабар дегенди түшүндүрөт.

Үч үлүштүү өлчөм, аты айтып тургандай, үч үлүштөн турат: биринчи үлүш күчтүү басымдуу, ал эми экинчи жана үчүнчү үлүштөр күчсүз басымдуу болушат. Күчтүү басым «акцент» деп да аталат. Ал белги – > ар бир тактынын биринчи үлүшүндөгү нотанын үстүнө коюлат:




Үч үлүштүү өлчөмдү дирижирлөө төмөндөгүдөй: алгач «бир» деп саноодо жогортон сол жакты көздөй шилтеп, «эки» деген санакта оң жакты көздөй, «үч» деген санакта жогору көздөй шилтөө жүргүзүлөт:



### Музыкалык сөздүк:

**Жанр** (латынча genre, французча genus) – теги, түрү дегенди билдирет. Бул тарыхый калыптануу менен пайда болгон, өзүнчө багыттагы мазмуну жана формасы менен өзгөчөлөнгөн музыкалык чыгармалардын түрү. Мисалга алсак, аваздык (ыр, романс, хор, кантата, оратория) жана аспаптык (күү, пьеса), камералык жана симфониялык, музыкалуу-сценалык (опера, оперетта, балет) сыяктуулар.

**Романс** (испанча romance) – ырдоо үнү үчүн аспаптын коштоосунда жазылган камералык аваздык чыгарма. Романсты куплеттик обондуу ырга салыштырганда, анын обондук түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланып, сөздөрү музыка менен көбүрөөк байланышта болот. Анда жалпы мүнөзүн гана эмес, ошондой эле поэтикалык өзүнчө образдары жана анын өнүгүүсү көрүнөт.

**Колорит** – бул көркөм, кооз дегенди билдирет. Ар бир элдин, улуттун музыкасынын, музыкалык аспаптарынын өзүнө мүнөздүү көркөмдүгүн, коолдугун түшүндүрөт.

**Кантата** (италияча cantata, cantare – ырдоо дегенди билдирет) – ырчы, хор жана оркестр үчүн жазылган аваздык-аспаптык чыгарма.

## ЭСИҢЕ САКТА!

Музыкалык өлчөмдөр: 2/4 өлчөмү
3/4 өлчөмү
4/4 өлчөмү

## Суроолор жана тапшырмалар

1. К. Молдобасановдун балалык кези кандай өткөн?
2. Болочок композитордун музыкалык шык-жөндөмүнүн өсүшүнө кимдер түрткү болгон?
3. Музыкалык өлчөм деген эмне? Өлчөмдүн кандай түрлөрү бар? Үч үлүштүү өлчөм жөнүндө айтып бергиле.

## М. Бегалиевдин «Манас» сонатасы

(скрипка жана фортепиано үчүн)

«Манас» обонун композиторлор жеке эле опера жана симфониялык чыгармаларда гана эмес, аспаптык чыгармаларда да колдонуп келишкен. Андай аспаптык чыгармалардын бири композитор Муратбек Бегалиевдин скрипка жана фортепиано үчүн жазган «Манас» соната чыгармасы болду.

«Манас» соната чыгармасы 1992-жылы Кёльн шаарында жазылган. Бул чыгармадан биз эки теманын айкалышканын көрөбүз. Ал темалар: «Манас» обону жана Бахтын (атактуу немис композитору) темасы:





Композитор бул эки теманы эки касиети бар кереметүү нерсе катары көрсөткөн. Биринчи темада бүт дүйнөгө белгилүү болгон эпосту кыргыз элинин символу катары көрсөткөн. Анткени «Манас» классикада түбөлүктүү орун алган.

Чыгарма бүтүндөй «Манастын» обонунун негизинде жазылган. Ал XX кылымдын аягындагы мыкты чыгармалардан болду. Анын музыкасындагы «Манас» обону менен Бах темасынын айкалышуусу кыргыз төкмө акындарынын «айтыш» салтын элестетет. «Манас» обону чыгармадагы өзгөчө терең мазмундуулугу философиялык жогорку көркөмдүүлүктү берип турат:



## Муратбек Бегалиев
(1957)



Композитордун чыгармачылыгы көп кырдуу. Ал көлөмдүү симфониялык чыгармалар менен катар камералык-вокалдык жана аспаптык чыгармаларды да жараткан. Композитордук ыкмасынын байлыгын, элдик фольклорду кенен билгичтигин жана чыгармачылык чеберчилигинин жогорулугун чыгармаларынан көрөбүз.

Нукура элдик музыканы терең өздөштүрө билүүнүн натыйжасында анын жанга жагымдуу, керемет чыгармалары жаралган. Мисалы, «Помпейдин акыркы күнү» симфониялык поэмасы, «Балалык кайрыктар» симфониялык сүрөттөмөсү, «Майрамдык увертюра», «Кожожаш» сюитасы, «Жаратуучунун гимни», «Кыргыз саймалары» сыяктуу көптөгөн чыгармаларын атап айтсак болот.

Композитордун чыгармачылыгы «Манас» эпосу менен да тыгыз байланышкан. «Манас» эпосунун негизинде симфониялык, «Манас» сонатасы сыяктуу чыгармаларды жараткан.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Муратбек Бегалиев жөнүндө айтып бергиле.
2. Композитор кандай чыгармаларды жазган?
3. «Манас» эпосунун обонунун негизинде кандай чыгармаларды жараткан?

### Бул кызыктуу!

Кыргыз Республикасынын эл акыны Нинакан Жүндүбаева композитор Муратбек Бегалиев жөнүндө мындайча оюн айткан экен:

«Мен Муратбек Бегалиевди көрүп билүүдөн мурда, анын музыкасын таанып билгем. Жалпысынан алганда, Муратбектин кайсы гана чыгармасын албайлык, булак суусундай тунук, таза, жазгы көктөмдөй сулуу, назик, желаргы бетиңди сылагандай жанга жагымдуу. Ошону менен бирге омоктуу ойлорго кабылткан, бороондой уйгу-туйгу, куюндай ызгаардуу  ритмдерге да кездешпей койбойсуң.

Анын «Симфониялык поэмасы» менен «Манас» сонатасын биринчи жолу укканда, көлдө сүзгөн ак куудай көңүлүм көөлгүп, жан дүйнөм ырахатка батканы эсимде. Ошол учурда Муратбектин музыкасы И. С. Бахтын, П. И. Чайковскийдин музыкаларына окшоп, ал эми Муратбектин өзүн ошолордой музыканын «кудайы» сыяктуу сезип кеттим. Көрсө, ал музыкаларды кар жамынып, тоо таяна туулуп өскөн кыргыздын жөнөкөй гана уланы жазган турбайбы».

### Музыкалык сөздүк:

**Симфониялык сүрөттөмө** – программалуу келген, сүрөттөө мүнөзүндөгү, симфониялык оркестр үчүн жазылган бир бөлүмдүү чыгарма.

**Симфониялык поэма** (немисче *simfonische poem*) – симфониялык оркестр үчүн жазылган көлөмдүү формадагы,  программалуу сюжеттүү келген бир бөлүмдүү чыгарма.

**Соната** (италияча  *sonare* – добуш чыгаруу дегенди билдирет) – камералык-аспаптык негизги жанрлардын бири. Бул жанрдагы чыгарма көбүнчө скрипка, фортепиано сыяктуу аспаптар үчүн жазылат.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. М. Бегалиевдин «Манас» соната чыгармасы качан жазылган?
2. Соната деген эмне? Ал чыгарма кандай жанрга кирет?
3. Соната чыгармасы кандай аспаптар үчүн жазылат?

# ЖАҢЫ ЖЫЛЫҢАР МЕНЕН!





# Жаңы жыл

Сөзү С. Жусуевдики Музыкасы Г. Ашымованыкы




Кел, жаңы жыл, келе бер,
Тынчтык нурун себе бер.
Бирге болсун биз менен
Биздин ата-энелер.

Элге бергин береке,
Жерге бергин береке.
Өркүндөсүн Ата Журт
Өзүң берген белекке.

Жыргап жаткан чагыбыз,
Окуп билим алабыз.
Арта берсин сен менен
Биздин таалай-багыбыз.

# КРОССВОРД



**Туурасынан:**

**1.** Музыка жаратуучу; **2.** Ырдоо үнү үчүн аспаптын коштоосунда жазылган камералык-аваздык чыгарма; **3.** Кыргыз тунгуч композитору; **4.** Опера, оратория, кантата чыгармаларындагы жеке солисттин оркестрдин коштоосу менен аткаруусундагы өзүнчө бир бүтүмдөгү ыр жанры; **5.** Ырчы, хор жана оркестр үчүн жазылган аваздык-аспаптык чыгарма.

**Тигинен:**

**1.** Театрлаштырылган музыкалык оюн (спектакль); **2.** Камералык-аспаптык негизги жанрлардын бири; **3.** Опера, балет, оратория драма сыяктуу чыгармалардагы киришүү (бет ачар) бөлүмү, өзүнчө оркестр үчүн жазылган чыгарма; **4.** Театр оюндары коюлуучу аянтча, башкача айтканда, сахна; **5.** Театр сахнасында коюлган оюндардын (драманын, операнын, балеттин) өзүнчө бир бүтүмгө ээ болгон бөлүмү.

# БИЗ МУЗЫКАНЫ КӨРӨ АЛАБЫЗБЫ?

## Музыканы угуп, сүрөттөп бере алабызбы?

Балдар, С. Момбековдун «Аппак кар» чыгармасын угуп көрөлү. Бул музыканы угуп, кандай сүрөттөмөнү көрө алабыз? Биз музыканы угуп, аны оюбузда элестөөлөр аркылуу сүрөттөп көрө алабызбы?

Кандай гана музыка болбосун, биз аны мүнөзүнө, ылдамдыгына, ыргактуулугуна, мазмунуна жараша ой толгоп, элестөөлөр менен көрө алабыз.



### Суроолор жана тапшырмалар

1. Музыканы угуп, сүрөттөп көрө алабызбы?
2. «Аппак кар» чыгармасын укканда элесиңерде кандай сүрөттөөлөр болду?
3. «Аппак кар» ырын угуп, сүрөт тартууга аракет кылгыла.



# Аппак кар

Сөзү Т. Чокиевдики Музыкасы О. Турсуниязовдуку




Аппак, аппак айлана,
Жаап жатат кар кайра да.
Музду көздөй жөнөйлү,
Конькилерди байлана.

Тоого барып береги
Чана, лыжа тебели.
Тиет экен абыдан
Ден соолукка пайдасы.

Аппак, аппак, аппак кар,
Ак кийинген бак-шактар.
Мелдештерге катышып,
Жеңсем деген максат бар.

## Музыкалык сабат:

### Өлчөм – $^4\!/_4$

Төрт үлүштүү өлчөм – 4/4. Жогорку сан (4) ар тактынын ичинде төрт үлүш бар дегенди билдирет. Ал эми төмөнкү саны (4), ар бир үлүш чейректик созулушка ээ дегенди түшүндүрөт:



Төрт үлүштүү өлчөм – татаал өлчөм. Ал эки үлүштүү жөнөкөй өлчөмдүн эки тактысынан курулат. Ошондуктан ал төрткө саналып, биринчи үлүшү күчтүү басым менен, үчүнчү үлүшү орточо күчтүү басым менен, ал эми экинчи жана төртүнчү үлүштөр күчсүз басым менен көрсөтүлөт:



1 2 3 4

Төрт үлүштүү өлчөмдү дирижирлөө төмөндөгүдөй: «бир» деген саноодо кол жогортон төмөн карай шилтенет. «Эки» санагында – сол жакты көздөй, «үч» деген санагында – оң жакты көздөй, ал эми «төрт» деген санакта – жогору көздөй шилтенип, кол баштапкы абалына келтирилет:

 = 1 2 3 4



## Бул кызыктуу!



Дүйнө жүзүнө атагы чыккан Леонардо да Винчи жеке эле сүрөтчү гана болбостон, скульптор, архитектор, инженер, ошондой эле музыкант да болгон экен. Ал лютня аспабында ойноо менен бирге, ыр сабагы боюнча да окутуучу болгон. Ырчылык өнөргө абдан кызыккан Леонардо ырдоодо дем алуунун, ырдоо үнүн чыгаруунун, ооз көңдөйүнүн абалдарын эң алгачкыдан болуп изилдеген. Ал мындай изилдөөлөрүн 1516-жылы өзүнүн атайын трактатында (илимий темадагы чыгармасында) жазып калтыргандыгы билинген.



## Суроолор жана тапшырмалар

1. «Аппак кар» ырын ким жазган?
2. Музыкалык өлчөмдөрдүн кандай түрлөрүн билесиңер?
3. 4/4 өлчөмү боюнча түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

## Көргөзмөдөгү сүрөттөргө музыка

Балдар, силер Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт музейи жөнүндө билесиңерби? Бул музей кыргыз элинин нукура көркөм өнөр байлыгы болуп эсептелет. Музейде сүрөттөр, кол өнөр буюмдары сакталып турат. Ал элибиздин көркөм өнөрчүлүгүнүн, республикадагы эң маанилүү жана баалуу башкы борбору катары эсептелет. Анда Г. Айтиев, С. Чокморов, С. Чуйков, С. Акылбеков, Л. Ильина, Т. Садыков сыяктуу элибиздин атактуу өнөрчүлөрүнүн эмгектери коюлган. Көркөм өнөр сүрөттөрүнүн музыка менен кандай байланышы бар? – деген суроо туулат. Ал байланыш элибиздин музыкалык чыгармачылыгы менен көркөм өнөрчүлүгүнүн бирибирин толуктап, айкалышып тургандыгында. Тагыраак айтсак, мисалы, В. Верещагиндин «Ысык-Көлдүн жээги» сүрөтү менен Ы. Тумановдун «Ысык-Көл» деген күүсү, Т. Герцендин «Манас» китебине тарткан сүрөттөр түрмөгү менен С. Орозбаковдун «Манас» эпосу, Т. Курмановдун «Манас» үчилтигине («Манас», «Семетей», «Сейтек») тарткан сүрөттөр түрмөгү менен С. Каралаевдин айткан «Манас» үчилтиги. М. Акынбековдун «Кыргыз жери» сүрөтү менен Н. Давлесовдун «Кыргыз жери» аттуу ыры сыяктуулар.



Ысык-Көлдүн жээги. *В. Верещагин*



Күзгү жайлоо. *С. Чуйков*

Балдар, китебиңердеги «Күзгү жайлоо» сүрөтүн карагыла. Биз сүрөткө карап, элестөөлөрүбүздө кандай музыканы уга алабыз? Бул сүрөткө шайкеш келген музыканы элестетүү менен сүрөттөп көргүлө. Ал эми эл ичинен чыккан таланттар жайлоону сүрөттөп, музыка жараткандарды кездештиребиз. Ал чыгарма жыгач ооз комуз үчүн жазылган «Жайлоодо» күүсү. Бул күүнү угуп, сүрөт менен салыштырып, мүнөздөп бергиле.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Көркөм сүрөт музейи жөнүндө айтып бергиле.
2. Көркөм сүрөт менен музыканын байланышы кандай?
3. Көргөзмөдөгү сүрөттөргө карап, музыка уга алабызбы?
4. Көркөм сүрөттөргө мүнөздөш кандай чыгармаларды билесиңер?

# Элкин-Тоо



Музыкасы, сөзү элдики




Элкин да, элкин, Элкин-Тоо (да),
Элкин бир тоого мен чыксам (а),
Элеси эрдин көрүнөт (а).
Элирип акыл-ой өскөн (а),
Энеси жердин көрүнөт.

Элкин да, элкин, Элкин-Тоо (да),
Элкин бир тоого мен чыксам (а),
Элеси кыздын көрүнөт (а),
Ээрчишип ойноп бир өскөн (а),
Элеси да элдин көрүнөт.

## Кыргыз саймалары музыкада

Балдар, силер өткөн жылдарда «Сүрөттөмө күүлөр» темасы менен таанышкансыңар. Анда залкар комузчу, күүчү Ыбырай Тумановдун «Сүрөттөмө күүсү» («Паровоз») жөнүндө сөз кылганбыз. Бул темабыз анын уландысы катары болуп, кыргыз саймалары менен байланышта болот. Кыргыз саймалары, оймо-чиймелери илгертеден бери келе жаткан элибиздин кол өнөрчүлүгүнүн бир түрү. Көркөм сүрөт музейинде кыргыз саймаларынын, оймо-чиймелеринин нечендеген түрлөрү сакталууда.

Кыргыз саймалары темасына көптөгөн акындар, сүрөтчүлөр, композиторлор кайрылышкан. Алардын ичинде элибиздин атактуу композитору Муратбек Бегалиевдин кыргыз элдик аспаптары үчүн жазылган «Кыргыз саймалары» аттуу чыгармасы бар. Композитор бул чыгармасында кыргыз саймалары боюнча өзүнүн ой-толгоолорун, сүрөттөөлөрүн жогорку көркөм-кооздукта, өтө таасын чагылдырган.



### Суроолор жана тапшырмалар

1. Жогоруда кыргыз саймаларынын сүрөттөрүн карагыла.
2. Саймаларды карап, андан музыка уга алабызбы?
3. «Кыргыз саймалары» аттуу чыгарманы ким жазган?
4. Кыргыз саймаларынын сүрөтүн тартып, ага карата обон чыгарууга аракет кылгыла.



# Байчечекей жакшы гүл

Сөзү Ш. Дүйшеевдики — Музыкасы М. Бегалиевдики




Байчечекей жакшы гүл,
Бакыт ырын жазчу гүл.
Жел ыргаса жайнаган,
Байчечекей жазгы гүл.

Кана, кана, канакей,
Карагыла анакей,
Бажырайып ачылган,
Байчечекей талакей.

## Музыкалык сабат:

### Такт, тактылык сызык жана затакт

Ноталык беш сызык боюнча кезектешип жайгашкан кыска жана узакка созулган ноталарды тигинен жүргүзүлгөн сызыктар бөлүп турат. Ал сызыктар тактылык сызыктар деп аталат. Ал эми бир тактылык сызык менен экинчи тактылык сызыктын аралыгы такт деп аталат:




Кээ бир чыгармалардын башталышы тактынын күчсүз басымдагы үлүшү менен башталат. Мындай башталыш «затакт» деп аталат. Өткөн сабактарда силер өздөштүргөн элдик ыр «Элкин-Тоо» чыгармасы затакт менен башталат. Ал ырдын башталышын карагыла:




Затактыдан башталган чыгармаларды дирижирлөө колдун жогору карай шилтеми менен башталат. Мисалы, эки үлүштүү өлчөмдө 2/4, затакт «эки» деген санагында башталат:



### Бул кызыктуу!

Орус элинин атактуу жазуучусу Александар Сергеевич Грибоедов композитор болуу менен бирге, пианино жана орган аспаптарында да мыкты ойногон. Ал 1812-жылы өз ыктыяры менен Иркутск шаарындагы гусарлар полкунда кызмат кылууга кирет. Ал эми 1814-жылы ал полк Брест-Литовск деген жерде туруп калат.

Күндөрдүн биринде Грибоедов монастырдык католикалык чиркөөсүнө кирип барса, хор ырдап жаткан болот. Грибоедов ал хорду органда ойноо менен коштоп берет. Аягында ал орустун «Камаринская» аттуу музыкасын органда ойноп берип, монахтарды айран таң калтырган экен.

### ! ЭСИҢЕ САКТА!

Тактылык сызык
Такт
Затакт

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1.Такт жана тактылык сызык деген эмне?
2. Затакт дегенди кандай түшүнөсүңөр?
3. «Байчечекей жакшы гүл» ырын ким жазган? Ырдын мүнөзүн жана мазмунун сүрөттөп бергиле.

## Скульптураны карап, музыканы уга алабызбы?

Ак куунун образын көптөгөн композиторлор, сүрөтчүлөр, акындар, жазуучулар сулуулугуна суктануу менен бул көрктүү кушту өзүлөрүнүн чыгармаларында сүрөттөшкөн. Петр Ильич Чайковский дагы бул темадан оолак болгон жок. Анын «Ак куулардын Айдың-Көл» балети ак куунун образын чагылдырууда, балет музыкасындагы эң жогорку жетишкендиктерден болгон. Бул балеттеги Одеттанын жана Одиллиянын партиясын атактуу бийчи Бүбүсара Бейшеналиева аткарган.



Ай музыка, тилим жетпес айтууга,
Ай музыка, үнүң укмуш таттуу да!
Балерина мойнун созо койкоюп,
Көлбүп калды, кош «канаты» жатты удаа.
Окшоп кудум ак булутка, ак бууга –
Антчү эле го, көл көйрөңү ак куу да.

Кайра турса, бут учунда жорголоп,
Бий тамгансыйт бүт денеден шорголоп.
Ар кыймылы айтып кетти сөз болуп,
Ар кыймылы ырдап кетти ыр болуп.

*Сүйүнбай Эралиев*

## Бүбүсара Бейшеналиева
(1926–1973)



Атактуу бийчи Кант районуна караштуу Таш-Дөбө айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал атактуу орус бийчи – мугалим Агриппина Вагановaнын классында окуган. 1939-жылы «Кыргыз искусствосу менен адабиятынын биринчи декадасында» Москвадагы Чоң театрда анын дебюту (эң алгачкы бийи) болуп өтөт. Ленинграддагы хореографиялык окуу жайын ийгиликтүү аяктаган соң, 1941-жылы Кыргыз опера жана балет театрынын солисти болуп кабыл алынат.

Бүбүсара Бейшеналиева «Чолпон», «Анар», «Кызыл кызгалдактар» сыяктуу кыргыз улуттук балеттеринин негизги партияларын аткарган. 1949-жылдан баштап, Бейшеналиева Бишкек шарындагы музыкалык-хореографиялык окуу жайында окутуучу болуп иштейт. Көптөгөн жаш таланттарды тарбиялап өстүргөн.



### Бул кызыктуу!

Бейшеналы карыя менен Гүлбара эне Кант районуна караштуу Таш-Дөбө айылында жашашкан. Алар жети жашар кызын жетелеп, борбордо окуса деген ой менен шаарга келишет. Бирок борбор шаарды кыдырышып, ага ылайыктуу мектеп таба алышпады. Ар кимден сураштырышып, бир топ убакыттан кийин бир мекемеге киришет. Аңгыча бир бөлмөнүн эшигин ачып:

– Комиссиядан өтө элек дагы ким калды? Мүмкүн жаңы келгендер бардыр? – деп ак жуумал жигит олтургандарга кайрылды.

– Менин балам жаңы келди, – деп Бейшеналы карыя шаша басып, кызын жетелей бөлмөгө кирди.

Сыйда, сары чачтуу, отуздарга барып калган сары жигит карандашты колуна алып, ар кандай ыргактарды каккылап, кичинекей кыздан аны кайталап берүүсүн сурады. Кыз тартынбастан, өзүндөй кылып кайталап берди. Кыздын шык-жөндөмдүүлүктөрүн текшерген жигит:

– Жарайсың, жарайсың, кызым! Угуу сезимиң, ыргактык жана эске сактоо сезимдериң да абдан жакшы экен. Сен окууга өттүң, – деди.

Аны уккан ата-эне кубанычтары койнуна батпай сүйүнүштү. Ошентип, окууга дегдеп келген кичинекей айылдык кыздын тилеги орундалды. Анын бактысы Ленинграддагы хореография (бий) окуу жайына өтүү менен ачылды. Ал бийчилик өнөрдү бийик тутуп, талыкпаган эмгеги менен атагы алыска тараган бийчи Бүбүсара эле.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Б. Бейшеналиева деген ким?
2. Бүбүсара бийчилик өнөрүнө кандайча келди?
3. Атактуу бийчи кайсы балеттердин негизги партияларын аткарган?



# Кечки жомок

Сөзү Т. Кожомбердиевдики Музыкасы Ж. Кайыповдуку




Тойго малын союптур,
Жакшы ат таап коюптур.
Ал баласы эр жетип,
Айга барып конуптур.

*Кайырма*:
Ой-бой, бой-бой, ой кызык,
Жылдыздарды териптир,
Жерге кайтып келиптир.
Сурагандын баарына,
Эли-журтун кубантып,
Бирден жылдыз бериптир.

Аалам сырын билиптир,
Өчпөс чырак илиптир.
Ошол нурдан тараган
Зыр күйгөн ал электр.

*Кайырма*:
Жомок соңу мына ушул,
Алтын кызым, ай нурум,
Күмүш балам, күн нурум,
Төшөгүңө жата гой,
Жөлөгүм да, медерим,
Уктаар экен ким мурун.

## «Ак куулардын Айдың-Көл» балетинен

*Биринчи көшөгө.* Окуя алыскы Германияда жомоктор дүйнөсүндө болуп өтөт. Зигфрид аттуу ханзада достору менен өзүнүн бойго жеткендигин белгилеп, майрам курат. Энеси анын бойго жеткендигин жана эртеңки салтанаттуу кечеде ал өзүнө жубай тандоосун эсине салат. Ак куулар учуп баратканын көрүп, Зигфрид аска-зоолу жапайы жерге ууга чыгууну ойлойт.

Сахнанын түпкүрүндө көл. Айлуу түндө ак куулар сүзүп жүрүшөт. Башында таажы кийген ак куу эң алдыда. Бенно ак кууларды көрүп, ханзадага билдирет. Алар ак кууларды мээлеп калат. Аңгыча ханзада келип калат. Бул учурда сыйкырдуу нур чачырап, таажычан ак куу айдай сулуу кызга айланып, ырайым кылууну суранат. Сулуу кыз Одетта экендигин, анын колундагы кыздарды каардуу сыйкырчы ак куу келбетине айлантып салганын айтат. Алар күндүзү ак куу келбетинде болуп, түнкүсүн гана өз келбетине келерин айтышат. Аларды үкү келбетиндеги башкаруучу кайтарып турат. Ал сулуу кыздарды бирөөлөр сүйүп калмайынча өз кейпине келбегендей кылып сыйкырлап койгон.



*Экинчи көшөгө.* Көркөм-коздолуп жасалган зал. Кече башталды. Каныша-эне уулуна сулуулардын кайсынысы жагарын сурайт. Зигфрид кыздардын баары татынакай, бирок ал өзүнүн сүйүүсүн



арнай турган бирөөнү да көрө албагандыгын айтат. Бул учурда фон-Ротбард кызы Одиллия менен кирет. Каардуу сыйкырчынын алдоо жолу менен жасалганын Зигфрид байкабайт. Одетта ак куу келбетинде терезеден көрүнөт. Бирок Зигфрид аны көрбөй калат. Одетта Одиллия келбетинде келген экен деп, Зигфрид аны өзүнө жар катары тандап алып, конокторго түбөлүккө жар болууга ант берет. Бул учурда Зигфрид терезеден Одеттаны көрүп калат. Ал алдангандыгын түшүнүп, чуркап чыгып кетет. Бирок сүйүү анты берилгенден кийин кеч болуп калган эле.

*Үчүнчү көшөгө.* Ак куулар көлүнө жакын ээн талаа. Аска-зоолор, түн. Ак куулар тынчсызданую менен Одеттаны күтүшүүдө. Одетта чуркап кирет, сулуулар аны кубанычта тосуп алышат. Бирок алар Зигфриддин сүйүү антын бузгандыгын угушат. Одетта каардуу сыйкырчынын жеңгендигин айтат. Эми Одетта таң сүрөрү менен түбөлүккө ак кууга айланып, ал эми Зигфрид өзүнүн анты менен Одиллияга үйлөнүшү керек эле. Аңгыча Зигфрид жүгүрүп кирип, Одеттадан кечирим сурайт. Ал кече Одиллиянын кейпинде келген экен деген оюн айтат. Одетта мындай жашоодон көрө өлүм артык экендигин билдирип, Зигфридди кучактап коштошуп, өзүн өлүмгө кыйыш үчүн аска-зоону карай чуркайт. Зигфрид Одеттаны сактап калуу үчүн артынан барып, Одетта менен кошо көлгө боюн таштайт. Көл үстүндө кайкып учкан сыйкырдуу үкүнүн өлүгү жерге түшөт. Одетта айдай сулуу кыз келбетине келет.

**Кичинекей ак куулар бийи**

…Чолпон сүрөт тартып отуруп, кандайдыр бир тааныш обонду ырдап жатты. Ооба, ал атактуу композитор П. И. Чайковскийдин «Ак куулардын Айдың-Көл» балетиндеги «Кичинекей ак куулардын бийи» эмеспи! Бул музыканы ким билбейт?! Аны билбеген адамды табуу кыйын. Бул бий музыкасын жалпы эл жактырып угат.

## Петр Ильич Чайковский
(1840–1893)



Пётр 1840-жылы 25-апрелде Воткинскиде туулган. Петрдун ата-энеси музыканы сүйүүчүлөрдөн болгон. Энеси фортепианодо ойноп, ырдай билген. Үйүндө механикалуу органы болгон. Анын үй-бүлөсү кечтин кириши менен крестьяндардын жана жумушчулардын обондуу келген элдик ырларын угушкан. Музыкага өтө кызыккан кичинекей Пётр эң алгач Моцарттын «Дон Жуан» чыгармасын угуп, таасир алат. Бош убактысында опера театрына барып, Моцарттын, Глинканын операларын көрөт.

1865-жылы Чайковский Петербург консерваториясын күмүш медал менен бүтүрөт. Андан соң Москва консерваториясына окууга кирет. Анда эркин жазуу, гармония, теория жана аспапташтыруу сабактары боюнча билимин улантат. 1870-жылдары ал «Опричник» жана «Вакула темир уста» сыяктуу операларын, Островскийдин «Аяз Кыз» драмасына музыка, «Ак куулардын Айдың-Көл» балетин, фортепианолук биринчи концертин жана башка чыгармаларды жаратат.

1878-жылы Чайковский чет өлкөгө кетип, ал жакта чыгармачылыгын улантат. Чайковскийдин музыкасы Россияда гана эмес, чет өлкөлөрдө да белгилүү болот. Композитор өмүрүнүн акыркы жылдарын Москва облусундагы Клин шаарында өткөрөт. Ал турган үй азыр анын мемориалдык музейи болуп калган.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. П. И. Чайковский деген ким?
2. Болочок композитор кайсы окуу жайларында билим алган?
3. Композитордун кандай чыгармаларын билесиңер?

### Бул кызыктуу!

Петя ар күнү бош убактысын фортепианодо ойноо менен алектенген. Ал орус эл ырларын абдан жакшы көргөн. Ал кезде элдик салттуу ырлар көп сакталып, эл ичинде кеңири тараган. Элдик ырларды жаш Петя алгач Воткинскиде, андан соң Алапаевскиде жашап турган мезгилдеринде көп уккан. Ал ырлар айыл ичинде, эмгек талаасында, өзгөчө, майрам күндөрүндө дайыма угулуп турган.

Жаз мезгили күндөрүнүн биринде Петя таң эртеде, уйку-суроонун ортосунда жатып, өтө жумшак, жагымдуу чыккан койчунун чоор үнүн угат. Төшөгүнөн секирип туруп, терезени ачып, койчунун чоор күүсүн угуп, чексиз ырахат алат. Чоордун үнү, таңдагы торгойдун сайраган, короодогу короздун «ку-ка-ре-куук!» деген кыйкырыгы жана башка жандыктардын үндөрү менен куюлушуп, айкалышуусу өзүнчө бир көркөм-кооздукта жанга жагымдуу угулат.

Мына ушундай табияттын музыкасы аралашкан жашоосу болочок композитордун чыгармачылыгына зор таасирин тийгизет. Анын чыгармачылыгы жаратылыштын, табияттын ажайып көркөм-кооздугу, адам баласынын жашоо-тиричилиги менен айкалышуусу аркылуу өнүккөн.



## Музыкалык сабат:

### Он алтылык нота жана анын тыныгуу белгиси

«Комузчу» – бул ыр көңүлдүү, жеңил, бий мүнөздө. Бул ырда тез ылдамдыктагы добуштарды кезиктиребиз. Ал добуштардын созулуштары өтө кыска. Бул добуштарды силер көп эле ырлардан кезиктирип жүрөсүңөр. Ал **он алтылык нота** –  деп аталат. Ыр эки үлүштүү өлчөмдө. Төмөндө ырдын биринчи тактысындагы ноталарга карагыла. Тактынын ичинде биринчи үлүштүн да, экинчи үлүштүн да биринчи жарымы сегиздик созулушка, ал эми экинчи жарымы эки он алтылык нотага барабар:




Демек, эки үлүштүү өлчөмдө ар бир тактынын ичи сегиз он алтылык нотага барабар:



 – бул он алтылык нотанын тыныгуу белгиси. Ал он алтылык нотанын созулушу менен барабар:



## «Саманчынын жолу» балет-ораториясы

«Ак көйнөкчөн, кабып тигилген бешмантчан, башына ак жоолук байланып, эгин аңызындагы жалгыз аяк жол менен жайбаракат келе жатты. Айланада эч бир жан жок. Жай да өз кезегин өткөрдү. Боз-Бөлтөктөн ары алыстай, учу-кыйырына көз жетпей күзгү талаа созулуп жатат. Эгин жыйналгандан кийинки жер эс алгандай мемирейт. Ал бир азга токтоп, бозоңку тарткан айланага көз чаптырып, бир топко туруп калды.

– Амансыңбы, Жер Эне? – деп ал акырын үн салды.

– Амансыңбы, Толгонай? Сен келдиңби? Карыпсың. Ак чач болупсуң.

– Ооба, карыдым. Дагы бир жыл өттү, ал эми эгинди дагы бир оруп жыюу болду. Бүгүн эскерүү күнү…»

*Ч. Айтматов «Саманчынын жолу» повестинен*

Композитор Калый Молдобасанов «Саманчынын жолу» балет-ораториясын Ч. Айтматовдун повестинин негизинде, 1974-жылы улуу жеңиштин 30 жылдыгына арнап жазган. Балет-ораториянын либреттосун М. Ахунбаев менен М. Баялинов жазган. Чыгарманын музыкасы согуш убагындагы элдин оор турмушун даана чагылдырып сүрөттөйт. Балет Улуу Ата Мекендик согушту жеңип чыккан совет элинин эрдигин даңазалайт. Чыгарманын идеясы эл, жер үчүн, келечектин бактылуу жашоосу үчүн өлүмгө, кан төгүүгө баруу болуп эсептелет. Анда боорукердиктин, ак көңүлдүктүн, сүйүүнүн символу катары жөнөкөй эмгекчи аял Толгонай болду. Чыгармада маанилүү ролду аткарган дагы бир символдук каарман – бул Жер-Эне.



Бул гениалдуу чыгарманын ар бир музыкалык добушу, ар бир аккорду эненин жана элдин башынан өткөргөн турмушун чагылдырат.

Балет – искусствонун өзгөчө түрү. Калый Молдобасановго бул балеттик чыгармасын сөзү жок жаратуу мүмкүн эмес болгон. Ага повесттин күчү да таасир берген. Композитор классикалык форманын чегинен чыгуу менен, балеттин ар бир бөлүгүнүн башында Толгонай менен Жер-Эненин сүйлөшүүсүн берген. Балеттеги мындай биригүү – монолог жана хордун обондуу аткарылышы балет-оратория деп аталат.

1976-жылы «Саманчынын жолу» балет-ораториясын жараткандыгы үчүн композитор Калый Молдобасановго ал кездеги эң жогорку сыйлык – СССРдин Мамлекеттик сыйлыгын ыйгарышкан.

### Музыкалык сөздүк:

**Балет** (фр. *ballet,* итал. *ballo* – бийлеймин) – сахналык искусствонун бир түрү; музыкалык бийлөө аркылуу чыгарманын мазмунун чагылдыруу менен сахналаштырылган оюн. Көбүнчө балеттин негизин кандайдыр бир өзүнчө сюжет, драмалык ой, либретто түзөт. Кээде сюжети жок балеттер да болот.

**Оратория** ( латынча – *oratorium,* итальянча – *oratorio*) – ырчылар, хор жана оркестр үчүн жазылган көлөмдүү музыкалык чыгарма. Ораторияда балеттегидей сахналык кыймыл-аракеттер, бийлер болбойт. Кантатага салыштырмалуу көлөмдүү формада жана кенен сюжеттүү келет.

**Либретто** (итальянча *libretto* – китепче) – бул музыкалык-сахналаштырылган чыгармага кара сөз менен жазылып берилген адабияттык мазмуну. Либретто опера, балет, оперетта чыгармаларына жазылат.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Балет-оратория деп кандай чыгарманы айтабыз?
2. «Саманчынын жолу» балет-ораториясы кайсы жылы жазылган?
3. Балет менен балет-ораториянын айырмачылыгы эмнеде?



# Шайыр комузчу

Сөзү Б. Абакировдуку Музыкасы К. Молдобасановдуку




Комузум, комузум,
Тийгизгенде кол учун.
«Шыңгырама», «Насыйкат»,
Шаңдуу чыгат добушуң.

*Кайырма:* Терип чертем,
Жанып чертем.
Минтип, минтип,
Мына минтип.

Комузум, комузум,
Жакшы сенин добушуң.
«Миң кыялды» сүйлөтүп,
«Камбарканды» сайратам.
*Кайырма:*

Чоң атам, чоң энем,
Күндө мени черттирет.
Чоң комузчу болот деп,
Эркелетет өпкүлөп.
*Кайырма:*

## Музыкалык сабат:

### Чекиттүү нота

Чыгармалардан кээ бир ноталардын оң жагына чекит коюлганын көрөбүз. Мисалы, андай чекиттүү нотаны биз өздөштүрүп жаткан «Кечки жомок» ырынан кезиктиребиз. Чыгарма эки үлүштүү өлчөмдө. Демек, ар бир тактынын ичи эки үлүшкө саналат. Биринчи тактыда чекиттүү чейректик нотаны көрүп турасыңар. Ал күчтүү басымдагы биринчи үлүштөгү нота:



Ил – ге – ри бир а – быш

Ырдын обонуна байланыштуу экинчи күчсүз басымдагы нотанын жартысы, күчтүү басымдагы биринчи үлүштөгү чейректик нотага чекит аркылуу ыйгарылган. Демек, биринчи үлүштөгү чейректик нотанын созулушу дагы жарым үлүшкө кошулду:



Ил – ге – ри бир а – быш

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Шайыр комузчу ырынын автору ким?
2. Чекиттүү нотаны кандай түшүнөсүңөр?
3. Чекиттүү нотанын жазылышы кандай?

## Нооруз майрамы

Нооруз майрамы ар жыл сайын 21-мартта өткөрүлөт. Бул жаздагы күн менен түндүн теңелиши. Жергебизде Нооруз салттык сүмөлөк, көжө тамак-аштарын даярдоо жана ар кандай ырым-жырымдарды жасоо менен өткөрүлөт. Тамактардын негизи ундан жана өндүрүлгөн буудайдан турат. Тамак чоң казанда бышырылат.

Майрам күнү салттык ыр-бийлер коштолуп, эл жайдары маанайда болушат. Нооруз майрамында ата-энелерге, бир туугандарга, жакын досторуна катташып, ал-жайларын сурашып, жүз көрүшүү болот. Бул күнү ар үйдө арча түтөтүшүп, аластоо жүргүзүлөт. Бул жылы жакшылыктардан үмүт кылышып, тилектерин билдиришет.

Нооруз майрамында чоң шаарларда, район, облустун борборлорунда улак тартмай, ат чабыш, кыз кумай сыяктуу улуттук оюн-зооктор да өткөрүлөт. Майрамга карата ар кандай маданий фестивалдар, ал эми борбор шаарыбыз Бишкекте бул күнү «Ала-Тоо» аянтында, ар кандай майрамдык жөрөлгөлөр өткөрүлөт.



### Суроолор жана тапшырмалар

1. Нооруз майрамынын тарыхы жөнүндө айтып бергиле.
2. Бул майрам кандай салттык ырым-жырым, жөрөлгөлөр менен өтөт?
3. Нооруз майрамында кандай музыкаларды көбүнчө уга аласыңар?

# Ноорuз майрам



Музыкасы жана сөзү Г. Эсенгулованыкы




Чертчи, ата, эски күүдөн,
Шаңдуу күүлөп комузуң.
Элге жакшы маанай берсин,
Күлкү берсин Ноорузум.

*Кайырма*: Нооруз, Нооруз – эски майрам,
Жаңы доорго кыл кадам.
Бул майрамда болбосо экен
Кубанбаган бир да адам.

Мына кайра жайнап күлдүң,
Нооруз – унут калганым.
Сени даңктап ырдайт, ырдайт
Бүгүн кыргыз балдарың.
*Кайырма*:

# КРОССВОРД




**Туурасынан:**

**1.** Жаздагы эң алгачкы гүл.
**2.** Кыргыз элинин атактуу композитору.
**3.** Муратбек Бегалиевдин кеңири белгилүү аспаптык чыгармаларынын бири.
**4.** Оюп-кесүү, жабыштыруу жолу менен көркөм нерсе жасоо чеберчилиги.
**5.** Түрк жана иран элдеринин жыл майрамы.

**Тигинен:**

**1.** Орустун улуу композиторлорунун бири.
**2.** Ырчылар, хор жана оркестр үчүн жазылган көлөмдүү музыкалык чыгарма.
**3.** Чыгарманын күчсүз басымдагы үлүшү менен башталышы.
**4.** Музыкалык-сахналаштырылган чыгарманын адабияттык мазмуну.

# ЖИВОПИСТИ УГА АЛАБЫЗБЫ?

## Музыканы сүрөттөп берген живопись



Токтогул эл арасында. *С. А. Чуйков*

Аска-зоону этектей тоодон аккан булактын жээгинде орун алган кичинекей үйдө Токтогулдун үй-бүлөсү жашаган. Токтогул 1864-жылы Кетмен-Төбөдө туулган. Музыкага өзгөчө шыгы бар жаш баланын ага кызыгуусу эрте болду. Ата-энеси акыркы акчасына ага комуз сатып беришет. 12 жашка келген Токтогулдун комузда ойногонго убактысы болбоду. Анткени ал үй-бүлөсүн багуу үчүн бирөөнүн малын багып, иштөөгө мажбур болот. Ошондой болсо да ал бара-бара комузда кол ойното чертип, курч сөздүү ырларды чыгарып, элдик ырларды ырдаган. Аны аш-тойлорго көп чакырышкан. Өзүнүн ырларында Токтогул мактоо ырларды, ошондой эле кээ бир адамдардын кылык-жоруктарын, өзгөчө байлардын кылган жаман иштеринин айыбын ачып ырдаган.

Токтогул кыргыз элинин сүйүктүү залкар акындарынын бири. 1882-жылы элдик жыйналыштардын биринде акындардын арасында айтыш болуп өтөт. Токтогул элге белгилүү Арзымат менен айтышып, аны жеңип алат. Мына ушундан кийин Токтогулдун ысымы элге кеңири тарайт. Байлар аны өзүнө ырчылыкка чакырышат. Бирок Токтогул аларга ырчы болуудан баш тартат. Ал айылдарды аралап, эл кыдырып ырдаган. Ырчы-акын өзүнүн ыр саптарында жаратылыш, табияттын көркөм-кооздугун, жаштыкты, эр жүрөктүүлүктү жана чынчылдыкты чагылдырган. Ал элди кадырлап, сыйлоону жана эмгекти сүйүүнү ырдаган.

Жалган жалаа менен Токтогул 12 жыл Сибирде сүргүндө жүрөт. Токтогул сүргүндө жүргөндө күүчүлүк-комузчулук, ырчы-акындык өнөрүн уланткан. Ал карагайдан комуз чаап алган. Анын ыр-күүлөрү жолдошторунун көңүлүн көтөргөн. Сүргүндөгү жашоо-тиричилигин чагылдырган «Кербезим» деген ырын чыгарат.

1910-жылы ал өзүнүн туулган жерине келет. Жалпы эл ырчысын кубаныч менен тосуп алат. Токтогул ырларын комуздун коштоосунда төгүп ырдагын. Акындык-ырчылык өнөрдүн бардык ыкмаларын мыкты өздөштүрө билген Токтогул эл аралап, чыгармачылыгын уланта берген. Ал 1933-жылы дүйнөдөн кайткан.



Токтогул балдар менен. *Т. Герцен*



# Токтогулдун кербези

Музыкасы, сөзү Токтогулдуку




Эки кабат (а) кыл аркан,
Элик сурдун (а) кермеси.
Эл ичинде (а) сайраган,
О деги, Токтогулдун (а) кербези.
Эсил бир жашың (и) өткөн соң (а),
Кайран жаш,
Эстесең кайра (и) келбеспи (а-ий).

Бура тарткан (а) кыл аркан,
Буурул аттын (а) кермеси.
Мукам-мукам (а) сайраган,
Ошо бир булбул Токоң (а) кербези,
Бул жарык дүйнөдөн өткөн соң (а),
Кайран жаш,
Кайрылып эки (и) келбеспи (а-ий).

### Бул кызыктуу!

Токтогулдун күчтүү кудуретине шайкеш келген өнөр касиети менен бирге композитордук таланты болгон. Анын ырлары – турмуш китеби, ал эми күүлөрү – өмүр кайрыктары. Акындын өнөрү көп кырдуу. Ал залкар төкмө акын, чебер комузчу, күүчү, куудул, аткаруучу. Улуу акындын ар жолу нөшөрлөп сабалаган жамгырдай төгүлгөн ырлары, күүлөрү, дастандары кагаз бетине түшүрүлбөй калгандыгы кейитет. Токтогулдун музыкалуу-поэтикалык улуу мурасы жалпы элдин кенчи катары сакталып калды. Токтогулдун чыгармачылыгынын музыкалуу-поэтикалык көркөмдүктүн бийик үлгүсү катары таанылышы анын гений экендигин ырастайт.

### Музыкалык сөздүк:

**Төкмө-акын** – бул элдик кесиптик ырчы-акын, композитор, музыкант-аткаруучу, актёр.

**Төкмө, төкмөлүк** (импровизация, латынчада *Improvises* – күтүлбөгөн жерден дегенди түшүндүрөт.) Төгүп ырдоо – бул мурда билбей туруп, күтүлбөгөн жерден көргөн, билгени боюнча ыр тизмектерин тизип, ошол эле учурда обон салып ырдоо. Элдик музыкада төкмөлүк орчундуу орунду ээлейт. Төкмөлүк аспаптык аткаруучулукта (күүчүлүктө) да кеңири тараган.

**Живопись** – боёк менен сүрөт тартуу искусствосу.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Токтогул кандай акын?
2. Токтогул Сатылгановдун балалыгы жөнүндө айтып бергиле.
3. Улуу акындын кандай чыгармаларын билесиңер?
4. Төкмө акын деп кимдерди айтабыз?

## Жыл мезгилдери музыкада жана живописте

Музыканын добуштарынан жаратылыштын, табияттын ар кандай сүрөттөмөлөрүн элестетүү менен чагылдыра алабыз. Искусство менен жаратылыш бири-бири менен тыгыз байланышта. Китептен акындын ыр саптарын окуп, сүрөтчүнүн тарткан сүрөтүнө карап, композитордун музыкасын угуп, силер алардын жаратылыш менен байланышта экендигин баамдайсыңар.

Силер «живопистик музыка» дегенди уктуңар беле? Ал эмне? Ал композитордун жаратылышты сүрөттөп, чагылдырып берген музыкасы. Биз ал музыкадан жаратылышты сүрөттөп көрө алабыз. Көптөгөн композиторлор, акындар, сүрөтчүлөр жаратылыш, табият жөнүндө чыгармаларын жаратышкан. Алар жаратылыштын ар кайсы мезгилине кайрылышып, алардын сулуулугун, ажайып көркөм-кооздугун сүрөттөшкөн.

Жаратылыш темасына кыргыз композиторлору да кайрылышкан. Алардын бири тунгуч композитор А. Малдыбаев. Бизге композитордун «Жыл мезгилдери» түрмөгү белгилүү. Анын бул музыкасы балдардын ырдоо репертуарында орчундуу орунду ээлейт. Төмөндө композитордун «Жыл мезгилдери» («Жазда», «Жайда», «Күздө», «Кышта») түрмөгүнө көңүл бургула. Ар бир мезгил боюнча сүрөттөр көрсөтүлүп, алар акындын ыр саптары менен коштолгон. Түрмөктөгү ырлардын сөздөрү атактуу акын А. Токомбаев тарабынан жазылган. Композитор ар бир ырдын мүнөзүн, ыргагын таап, өзүнүн чыгармаларында сүрөттөгөн. Мисалы, «Жазда» чыгармасында жаздагы күндүн жылуулугу артып, көк чөп чыгып, эмгектин башталышын сүрөттөп чагылдырат.





«Жайда». Бул чыгарма көңүлдүү мүнөздө, жер бети жашылданып, жайкалып, чымын, чиркей, көпөлөк көкөлөп учуп, куштар сайраган, түркүн гүлдөр жайнаган мезгил сүрөттөлүп чагылдырылат.

Композитордун «Күздө» чыгармасы күзгү түшүм мол болуп, жалпы эл жайдары маанайда, берекелүү алтын күздүн келбети чагылдырылат.





«Кышта». Бул чыгармасында композитор кыш мезгилинин өзүнө мүнөздүү керемет кооздугун көрсөтүүгө аракет жасаган. Ошондой эле чыгарманын музыкасы жандуу келип, балдардын көңүлдүү кышкы оюну чагылдырылат.



# Жазгы жамгыр

Сөзү А. Дегенбаеваныкы — Музыкасы С. Айтикеевдики




Шибер гүлдү сергитип,
Жаап, кайра басылат.
Жазгы жамгыр боёгун
Тамчысына жашырат.
Сергитип гүлдү,
Сергитип гүлдү,
Тамчысына жашырат.

Жамгырда сонун гүлдөрдүн
Жакшыларын теребиз.
Гүл өстүргөн жамгырды,
Жазды ырдап келебиз.
Кызыл, сары гүлгө,
Кызыл, сары гүлгө,
Жазгы жамгыр боёкчу.



Тоодогу жамгыр. *С. Акылбеков*

**Музыкалык сөздүк:**

**Пейзаж** – жаратылыштын, табияттын сүрөттөлүшү.

**Түрмөк** – бул бир теманын негизинде ар түрдүү мүнөздөгү, ыргактагы бир нече музыкалык чыгармалардын камтылышы.

## ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Жогорудагы сүрөттөрдү карагыла. Сүрөтчү кандай боёктор менен жыл мезгилдерин чагылдырган.
2. Жыл мезгилдерине музыка жазууда композитор кандай каражаттарды колдонгон?
3. «Түрмөк», «пейзаж» деген сөздөргө түшүндүрмө бергиле.
4. «Жаз жамгыры» ырын сүрөттөп мүнөздөмө бергиле.



# Жеңиш күнү

Музыкасы, сөзү М. Касейдики




Канкор фашис немистерди
Кайрып мизин жеңишкен.
Далай элге эркиндикти
Даңктуу алып беришкен.

*Кайырма:* Жеңиш күнү эл майрамдап,
Желбиреди желеги.
«Жергебизге тынчтык», – деген
Жалпы элдин тилеги.

Жеңиш күнү аталардын
Эрдиктерин эскерип,
Элесине таазим кылып,
Тургузулган эстелик.

*Кайырма:*



Жергебизде жаз майрамдарынын соңунда 9-май майрамы майрамдалат. Себеби 1941–1945-жылдары Улуу Ата Мекендик согуш болуп өтөт. Бул согушта немис баскынчыларынан эл-жерди коргоп, ата-бабалар жан аябай кан төгүшүп, жеңишке жетишкен. Ата Мекенди коргоп курман болушкан Дүйшөнкул Шопоков, Чолпонбай Түлөбердиев, Ашыраалы Коёнкозов, Ысмайыл Таранчиев сыяктуу баатырлардын саны ондоп саналат. Согуштан аман-эсен кайтып келишкен К. Үсөнбаев, А. Чортеков, Д. Асанов сыяктуу баатырларыбыз бизге белгилүү. Ошол каардуу согуштун бүткөнүнө жарым кылымдан ашуун убакыт өттү.

1945-жылдан бери ар жылы 9-майда «Жеңиш күнү» майрамдалып келе жатат. Жеңиш күнүнө арнап көптөгөн акындар ыр жазышып, композиторлор музыка жаратышты. Атап айтсак, М. Баетовдун «Кызыл баатырларга», А. Огонбаевдин «Эр Панфиловго», Ы. Тумановдун «Жеңиш» ж. б. кирет. Ал эми сүрөтчүлөр болсо, композиторлордун чыгармаларын өзүлөрүнүн болотнайында сырдуу боёктор менен көркөмдөп чагылдырышкан.

## ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Жеңиш күнү качан майрамдалат? Ал кандай Жеңиш күн?
2. Ата Мекендик согуш качан болуп өткөн? Согуш баатырларынан кимдерди билесиңер?
3. Согуш мезгилинде жана согуштан кийин кандай чыгармалар жаралган?
4. «Жеңиш күнү» ырына мүнөздөмө бергиле.



# Күн балдары

Сөзү Ж. Мамытовдуку                                        Музыкасы К. Эралиеваныкы




Ошол нурдан күн уулунун
Жаркып турду маанайы.
Ар бир бала бул жарыкта
Энесинин таалайы.

*Кайырма*: Эң алгачкы нурун күн да
Ошолорго арнады.
Ар бир бала бул дүйнөдө
Апасынын ардагы.

Күнү бою күн балдары
Нурга боюн тараштьı.
Алар анан батаар күндү
Жалооруша караштьı.

*Кайырма*:

Караңгыда элейишип,
Азга кулак түрүшүп,
Анан баары кетти уйкуга,
Таажылары бүрүшүп.

*Кайырма*:

## Каныкей Эралиева
(1956)



1980-жылдары Тогуз-Торо районундагы алыскы тоолордо эмгектенген малчылар үчүн музыканттар, акындар, ырчылар концерттик программасы менен барган. Концертке эл көп чогулуп, аткаруучулар өзүлөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтүп жатышты. Кезеги келип, ырчы Каныкей Эралиева эл алдына чыгат. Анда ал Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтунда окуп жүргөн мезгили. Жаш ырчы биринчи ырын ырдап бүткөндөн кийин нөшөрлөгөн катуу жаан башталат. Эл ордунан козголбойт. Ырчы кыз дагы бир нече ырын аткарып берет. Мына ошол таланттуу кыз азыркы күндө элге белгилүү композитор, ырчы, Кыргыз Республикасынын эл артисти деген наамга татыктуу болгон.

Каныкей Эралиева Нарын облусуна караштуу Ак-Талаа районунда туулган. Анын музыкага болгон кызыгуусу эрте башталган. Орто мектепти бүткөндөн кийин борборубуздагы Мураталы Күрөңкөй уулу атындагы музыкалык окуу жайына кирип, аны ийгиликтүү аяктайт. Ал Кыргыз мамлекеттик искусство институтунун композитордук бөлүмүндө окуп жүргөн кезинде эле бир топ ырларды жаратат. Балдар үчүн жазылган ырлары мектеп окуучуларынын ырдоо репертуарынан кеңири орун алган.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Музыкасы жок болсо, ырдын тексти кандай болор эле?
2. Каныкей Эралиеванын чыгармачылыгы жөнүндө айтып бергиле.
3. Композитордун балдар үчүн жазган кандай ырларын билесиңер?

## Музыкалык көркөм каражаттар

Балалык – адамдын жашоосундагы эң түйшүксүз мезгили. Кубаныч ар бирибизди курчап турат. Мына ушундай түйшүксүз, кубанычтуу сезимдерди чагылдырган чыгарма Ч. Айтматовдун «Беме-бет» повестине карата жазылган В. Г. Рогачевдун «Балалык» аттуу сүрөтү болуп саналат. Сүрөттө аттар болгон күчүн салып учуп баратышат. Ал эми аларды карап турган кыз жаныбарлардын чуркоодогу көркөм-кооз элестерин, алардын күч-кубаттуулугунун чексиздигин көрүп ырахат алууда.



Балалык. *В. Рогачев*

Жылкы жаныбарларынын сулуулугу, келбеттүүлүгү, көрктүүлүгү, жел жетпес күлүктүгү илгертен эле чыгармачыл адамдардын көңүлүн бөлүп келген. Анын жүрүшүн сүрөтчүлөр, акындар, жазуучулар гана эмес, музыканттар да өзүлөрүнүн чыгармаларында образдуу чагылдырып көрсөтүшкөн. Мындай чыгармаларга элдик композитор Атай Огонбаевдин «Маш ботой» күүсүн мүнөздөсөк болот. «Маш ботой» күүсү алгачкы шилтемесинен эле, эсте каларлык сезимди берет. Автор өтө жандуу, кубаттуу, шайыр-шаңдуу келип, анда ат чабышта же өз эркинче мейкин талаада шамалдай учуп, чуркаган күлүктөрдүн элесин таамай сүрөттөй алган. Анткени композитор кубулжуп чыккан негизги обонду түрлөнтүп кайрып, өтө так ыргактыкта, өтө тез жүрүштө, чыйрактык менен шамдагайлыкта аткаруучулуктун жогорку чеберчилигин көрсөтө алган. Мына ушундай мүнөзү менен угуучуларды «желдей учкан аргымакты» элестетүүгө алып келет.

## Атай Огонбаев
(1900–1949)



Атай Огонбаев Талас облусуна караштуу Көк-Кашат айылында 1900-жылы туулган. Ал Токтогулдун шакирттеринин бири болгон. Кыргыз элдик музыкасынын тарыхына залкар комузчу, күүчү, ырчы катары кирген. Ал элдик ырчылык жана аспаптык аткаруучулук өнөрүнө зор салым кошкон. Атай комузда абдан жогорку чеберчиликте ойногон. Ал комуз чертүүнүн татаал ойноо ыкмаларын: терип, шилтеп, сыдырып, жаңыртып, кол ойнотуп, ийинге, чекеге, далыга коюп жана башка дагы көптөгөн түрлөрүн аткарган. Мындай ыкмаларды Атай Огонбаев «Маш ботой», «Ак тамак, Көк тамак» «Кара Өзгөй» сыяктуу күүлөрүн аткарууда колдонгон.

Анын чыгармачылыгында ырчылык өнөрү да орчундуу орунду ээлейт. Ырлары көмөкөйдүн түпкүрүнөн чыккан, ачык-айрым, обондуу, созулмалуу келип, жанга жагымдуу жана уккулуктуу. Атай Огонбаевдин чыгармаларынын ичинен патриоттук жана тарыхый ырларды да кезиктиребиз. Кыргыз эл аспаптар оркестри үчүн жана анын коштоосунда бир топ чыгармалары иштелип чыккан. Атап айтсак, «Ой булбул», «Гүл», «Жаштарга», «Эсимде» жана башкалар. А. Огонбаевдин эл алдында эмгеги жогору бааланып, ага Кыргыз Республикасынын эл артисти деген ардактуу наам ыйгарылган. Залкар обончу жана күүчү 1949-жылы дүйнөдөн кайткан.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Музыкалык көркөм каражаттар деген эмне?
2. В. Рогачевдун «Балалык» сүрөтүнө жана А. Огонбаевдин «Маш ботой» күүсүнө мүнөздөмө бергиле.
3. А. Огонбаевдин чыгармачылыгы жөнүндө айтып бергиле.

### Бул кызыктуу!

Ботой темасына көптөгөн акын, күүчүлөр кайрылган. Атап айтсак, «Токтогулдун ботою», «Муратаалынын ботою», Карамолдонун «Жумалак ботой» ж. б. Ботойлордун мүнөзү көбүнчө кайгылуу обондуу келген. Убакыт өткөн сайын ботой жанры шаңдуу, көңүлдүү, жандуу мүнөздөрдө калыптанат. Мындай мүнөздөгү күү А. Огонбаевдин «Маш ботой» күүсү. Күүнүн жүрүшү өтө тездикте болуп, аткаруучудан жогорку чеберчиликтеги шамдагайлуулукту, ийкемдүүлүктү талап кылган.

1936-жылы залкар комузчу, күүчү, ырчы Атай Огонбаев өзүнүн сегиз аткаруучудан турган комузчулар ансамблин түзөт. Ал ансамбль «Маш ботой» күүсүн эң алгач 1939-жылы Москвада Кыргыз искусствосунун декадасында аткарып, биринчи орунга татыктуу болот.



#### Музыкалык сөздүк:

**Ботой** – элдик аспаптык чыгармачылыгындагы күү жанрларынын бири. Эл чыгармачылыгында төө жана анын ботою, эне менен баланы чагылдырган сүрөттөмө катары берилген. Анткени адам баласына жасагандай мамилени жаныбарлар ичинде төө гана жасайт. Эгер төө баласы энесинен айрылса, эки көзүнөн жаш чубуртуп, кадимкидей боздоп ыйлаган. Эл ичинде «ботодой боздоп» деген сөз мына ошондон калган.



# Тайды таптайм

Сөзү С. Кубатованыкы — Музыкасы С. Бактыгуловдуку

Орточо




Ата сөзүн, ата сөзүн билемин:
Досторуңан, досторуңан калышпа, –
Актап үмүт, актап үмүт-тилегим,
Ашып келем, ашып келем жарышта.

*Кайырма*: Тайды таптап мен,
Так түйүлтүп секиртем.
Тайторудай деп,
Таттуу тилек эшилтем.

Күндө тарап, күндө тарап жалынан,
Күмүш жүгөн, күмүш жүгөн катамын.
Күнгө карап, күнгө карап чуркатып,
Көңүл черин, көңүл черин жазамын.

*Кайырма*:

## Сталбек Бактыгулов
(1954)



Сталбек Бактыгулов Чүй районуна караштуу Кегети айылында туулган. Сталбектин музыкага кызыгуусу эрте башталган. Анткени анын бала кезинде үйүндө кичинекей эски патефон турчу экен. Ал эртели-кеч Карамолдо, Ыбрай, Атай, Муса, Мыскал жана башка атактуу ырчылардын ыр-күүлөрүн уккандан тажаган эмес.

Сталбек мектепте окуп жүргөн кезинде эле ыр жаза баштаган. Анын көптөгөн ырлары жана аңгемелери райондук, республикалык гезит беттеринде жарыяланган. Мектепте окуп жүргөн кездерде музыкалык ийримдерге катышып, өзүнүн өнөрүн көрсөтүп, мектептик, райондук конкурстарда алдыңкы байгелерге ээ болгон. Мектепти бүткөндөн кийин С. Бактыгулов Бишкектеги М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайында, андан соң Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтунун композиция бөлүмүнөн окуп билим алат.

Композитордун чыгармалары азыркы күндө да кыргыз элине эле эмес, чет өлкөлөрдө да таанымал. С. Бактыгулов өзүнүн чыгармачылыгында көптөгөн жанрларды камтыган. Мисалы, симфония, симфониялык поэмалар, «Күмүш камчы» балети, кантата, кино жана театр үчүн музыкаларды жазган. Ал эми балдар үчүн жазган ырлары бүгүнкү күндө мектептерде аткарылууда. Алардын ичинде «Тайды таптайм», «Наристем», «Кыраан Кычан», «Куурчагым» сыяктуу бир топ ырлары бар.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Сталбек Бактыгулов ким болгон?
2. Композитордун чыгармачылыгында музыка менен адабият кандай ролду ойногон?
3. «Тайды таптайм» аттуу ырына сүрөт тартып келгиле.

### Бул кызыктуу!

2005-жылы «Ала-Тоо симфониясы» коомдук музыкалык фонду кыргыз композиторлорунун бир катар симфониялык чыгармаларын АКШ өлкөсүнө сынакка жөнөткөн. Көптөгөн чыгармалардын арасынан Сталбек Бактыгуловдун «Уркуя» аттуу экинчи симфониясы комиссия тарабынан эң жакшы деп тандалган. Ушул эле жылы тогузунчу ноябрда симфония америкалык белгилүү композитор, дирижёр Чарльз Ансбахер тарабынан П. Чайковскийдин, Л. Бетховендин чыгармалары менен катар А. Малдыбаев атындагы опера жана балет театрынын сахнасында аткарылган. Бул кыргыз музыкалык маданиятынын зор ийгиликтеринин бири болду.

**Музыкалык сөздүк:**

**Симфония** – оркестр үчүн жазылган көлөмдүү чыгарма. Грек тилинде «simphonia» – кубулуш. Кыргыз композиторлорунун чыгармачылыгында симфониялык чыгармаларды көп кездештиребиз.



## Искусствонун үч түрүнүн байланышы

Искусствонун музыка, адабият жана көркөм өнөр түрлөрү (живопись, графика, скульптура) бири-бири менен байланышта болуп, байытып турат. Алар адамдын жошоосун, сезимин, жаратылыш көркүн ачып берүүгө жардам берет. Ыр саптарын обон салып ырдоого болот, ал эми музыканы ыр саптары менен билдирсе болот.

Эгер музыканы көңүл коюп уксак, биздин ой толгообузда ага шайкеш келген сүрөттөмөлөр туулат. Бул көркөм өнөр чыгармасы же жаратылыштын сүрөтү болушу мүмкүн. Бул теманы башкача ой толгоо менен карай турган болсок, биз өзүбүздүн ички сезимибизде, көмөкөйүбүздө ага шайкеш келген музыканы уга алабыз.

Бул искусствонун үч түрүнүн байланышы боюнча мисал келтирсек абдан арбын. Биз бир топ нерсени окуп билдик, биле элегибиз дагы арбын. Бул дүйнө ушунчалык кең, ар бир композитор, акын, жазуучу, сүрөтчү бул аягы жок тарыхка салым кошуунун аракетинде.

### Жылдык окууну жыйынтыктоо боюнча суроолор:

1. Искусствонун үч түрүнүн байланышы жөнүндө айтып бергиле.
2. Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?
3. Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?
4. Музыканы угуп, сүрөттөп көрө алабызбы?
5. Көргөзмөдөгү сүрөттөрдөн музыканы уга алабызбы?
6. Скульптурада музыканы көрө алабызбы?
7. Музыканы живопись сүрөттөп бере алабы?

# КРОССВОРД




**Туурасынан:**

**1.** Бир теманын негизинде ар түрдүү мүнөздөгү, ыргактагы бир нече музыкалык чыгармалардын камтылышы.
**2.** А. Огонбаевдин күүсү.
**3.** Боёк менен сүрөт тартуу искусствосу.
**4.** Элдик аспаптык күү жанрларынын бири.
**5.** Белгилүү обончу-композитор жана ырчы.

**Тигинен:**

**1.** Залкар комузчу жана ырчы.
**2.** Симфониялык оркестр үчүн жазылган көлөмдүү чыгарма.
**3.** Элдик аспаптык күү жанрларынын бири.
**4.** Нотанын аты.
**5.** Жаратылыштын, табияттын сүрөттөлүшү.

# КОШУМЧА МАТЕРИАЛДАР

## Күздө

Сөзү А. Токомбаевдики Музыкасы А. Малдыбаевдики




Керилген жер бети,
Алтындай келбети.
Тоо болуп жыйналат
Эмгектин бермети.
Тоо болуп жыйналат
Эмгектин бермети.

Жалбырак дирилдейт,
Өткөн күн билинбейт.
Шыманган дыйкандар
Түшүмгө күлүңдөйт.
Шыманган дыйкандар
Түшүмгө күлүңдөйт.

Жабагы жайкалат,
Ириктер чайпалат.
Коңур күз эң сонун,
Эмгекти кайтарат.
Коңур күз эң сонун,
Эмгекти кайтарат.

# Биздин айыл

Сөзү К. Маликовдуку Музыкасы А. Малдыбаевдики




Күнгө карап күлүмсүрөйт
Бийик тоонун баш жагы.
Эчки, теке чубап жүргөн
Мелмилдеген асканы.
Тоонун бийик этегинде
Жүздөп, миңдеп жатканы,
Биздин жердин малы тура,
Ата-эненин тапканы.

Көп экен го айлыбыздын
Кымыз менен айраны.
Санак жетпейт канча экен деп,
Сүтү менен айраны.
Тоонун боору кандай сулуу,
Түркүн гүлдөр жайнаган.
Тоонун бети көпкөк токой,
Түркүн куштар сайраган.

# Жаңы жыл жылмаят

Сөзү Д. Жамансартованыкы Музыкасы К. Эралиеваныкы

Жайдары




Жашыл сүйкүм жапжаш балаты, балаты,
Кооз оюнчук толо арасы, арасы.
Шуру, мончок сонун жылтылдайт, жылтылдайт,
Кана бөбөк, бирден саначы, бирден саначы.

Аяз ата белек артынып, артынып,
Аяз кыз келет каткырып, каткырып.
Жаңы жылым мына жылмаят, жылмаят,
Өмүрлөрдү дайым шат кылып, дайым шат кылып.

Кол кармашып көңүл ачабыз, ачабыз,
Тегеренип бирге басабыз, басабыз.
Шаттык күүсү улап кыялды, кыялды,
Ырдап бүгүн черди жазабыз, черди жазабыз.

# Весёлая карусель

Сөзү Ю. Энтиндики Музыкасы В. Шаинскийдики




Карусель, карусель
Начинает рассказ.
Это радость,
Шутки и веселье!
Карусель, карусель –
Это праздник для нас!
Прокатись на нашей
Карусели!

# Көл боюнда

Сөзү К. Маликовдуку

Музыкасы элдики

Элкин, жайыраак




Эркиндеп салкын жел жүрүп,
Сергийбиз көлдүн боюнда.
Мемиреп бетиң күлүңдөп,
Ысык-Көлүм сонун да,
Ысык-Көлүм сонун да.

Жыргалдуу шаттык эмеспи,
Жай кылып жатсаң боюңду.
Шайыр дос жаштар ай чыга
Баштап салып оюнду,
Баштап салып оюнду.

Күнгөй да, тескей жагында
Эмгекчи элим эмеспи.
Жайлашып жазда чардаган
Мейкин жашыл белести,
Мейкин жашыл белести.

# Эмгек ыры

Музыкасы, сөзү элдики




Ынтымак менен ырыстын
Ачалы кенен сырларын.
Ырыска кеңир чөмүлүп,
Ырдайлы эмгек ырларын,
Ырдайлы эмгек ырларын.

Көңүлдү бурган иш үчүн
Көрөбүз өмүр жыргалын.
Канатым эмгек турганда
Канетип келбейт ырдагым,
Канетип келбейт ырдагым.

Жетелик эмгек баркына,
Жемиштүү болсун калкыма.
Камкордуу эмгек этели,
Киреше болсун жалпыга.
Киреше болсун жалпыга.

# Шырылдаң

Музыкасы, сөзү Ш. Эсенгуловдуку




Шып-шырылдаң шыр экен эй
Жылкычынын ыры экен эй.
Карылардын наркы экен эй
Жигиттердин айты экен эй.
Айыл уулап түндөрдө эй,
Айта жүрчүсалт экен эй.

Конок тоого бүткөндө эй
Кошо чыккан шырылдаң эй.
Таруу ташка бүткөндө эй
Талаш чыккан шырылдаң эй.
Жылкычыга коюндаш эй,
Жандап чыккан шырылдан эй.

# Уроки-чудеса

Сөзү М. Садовскийдики | Музыкасы Р. Бойконуку




Гудят земные недра,
И спит седая тундра,
Нас ждут просторы Родины –
Любимый край.
Забытые курганы,
Времён далёких тайны
Зовут к себе и дразнят нас, –
Попробуй отгадай!

И в точные науки,
Откроем дверь без скуки,
В дорогу чудо – формулы
Мы припасём.
До звёзд пути откроем,
Проверим и освоим
И скоро их на карту,
Как земные, нанесём.

# Ак кайың

Сөзү А. Осмоновдуку

Музыкасы Ж. Муратованыкы




Жарашыктуу жаштайың,  
Жадыраган жаз сайын.  
Жаз күнүмдөн тең өскөн (ай),  
Жакшынакай ак кайың.

*Кайырма:* Бутагыңа коноюн,  
Кыштын жолун тороюн.  
Жаштыгыңды менден ал (ай),  
Аккан сууң болоюн.

Тамашалуу жаштайың,  
Тармалдашкан жаз сайын.  
Тай күнүмдөн тең өскөн (ай),  
Татынакай ак кайың.  
*Кайырма:*

Мен өзгөрдүм сен көрдүң,  
Мен да көрдүм өнгөнүң.  
Жаштыгымды кайра бер (ай),  
Сурабаймын бөлөгүн.  
*Кайырма:*

# Осень

Сөзү О. Плещееваныкы

Музыкасы П. Чайковскийдики




Чахлая рябина
Мокнет под окном.
Смотрит деревушка
Сереньким пятном.

Что ты рано в гости,
Осень, к нам пришла?
Еще сердце просит
Света и тепла *(2 жолу).*

Все тебе не рады!
Твой унылый вид
Горе да невзгоды
Бедному сулит.

Слышит он заране,
Крик и плач ребят.
Видит, как от стужи
Ночь они не спят.

Нет одежды тёплой,
Нету в печке дров...
Ты на чей же, осень,
Поспешила зов? *(2 жолу)*

# Аяз ата

Музыкасы, сөзү М. Касейдики

Көңүлдүү






Айланып жыл мезгилдери
Ак бубактуу кыш келди.
Көп узабай жаңы жыл да
Көңүл ача тез келди.

*Кайырма:* Аппак тондуу Аяз ата
Ал мектепке кош келди.
Куттук айтып жаңы жылдык,
Ырдап, бийлеп берели.

Ар дайым бар колунда (а)
Аса таяк сыйкырдуу.
Ал таягы кызыктырып,
Ага көңүл бөлүндү.

*Кайырма:* Аппак жүздүү жылмайып (а)
Аяз ата көңүлдүү.
Ырдап, бийлеп берели биз,
Бийик созуп үндөрдү.

Баштыгында кереметтүү
Бизге деген белеги.
Ал өзүнчө асемдүү да,
Кызыктырган себеби.

*Кайырма:* Ар түрдөгү кооз-көркөм
Аяз ата белеги.
Жаңы жылдык тартуу кылып,
Ырдап, бийлеп берели.

# Гүлдөй берсин Меканим

Музыкасы, сөзү М. Касейдики



Ала-Тоонун боорунда (а)
Асыраган Мекеним.
Арча бешикке бөлөп (а),
Алдейлеген Мекеним.

Өсүп билим алсын деп (а)
Өбөк болгон Мекеним.
Татынакай болсун деп (а),
Таалим берген Мекеним.

Өнүгүп (а) күндөн күнгө
Өсө берсин Мекеним.
Күүлөнүп (а) жылдан жылга,
Гүлдөй берсин Мекеним.

# Гамма До-мажор

Музыкасы, сөзү К. Осмоновдуку

Жайдары






До-мажор, До-мажор,
Основных семь нот.
Словно трель соловья,
Звукоряд поёт.

Знак диез, знак бемоль,
При ключе их нет.
В гамме всей каждый звук
В белое одет.

## МАЗМУНУ


Билим күнү! ........ 5
Биз окуган мектепте ........ 6

◆ **Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?** ........ 7
«Манас» эпосу музыкада ........ 7
Айкөл Манас ........ 8
Молдобасан Мусулманкул уулу ........ 11
Музыкалык сабат: Бас ачкычы ........ 13
«Семетей» эпосу ........ 14
Каныкейдин жомогу (үзүндү) ........ 15
Жүсүп Мамай ........ 17
Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы (үзүндү) ........ 19
Каба Абек уулу ........ 21
«Сейтек» эпосу ........ 23
Сейтектин чоңоюшу (үзүндү) ........ 24
Шаабай Азиз уулу ........ 27
Музыкалык сабат: Темп ........ 29
Кроссворд ........ 31

◆ **Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?** ........ 32
«Манас» эпосу композитордук музыкада ........ 32
Мен кыргыздын уулумун ........ 33
«Манас» операсы ........ 34
А. М. Малдыбаев, В. А. Власов ........ 36
В. Г. Фере ........ 37
Эне тил ........ 38
Музыкалык сабат: Өлчөм – $2/4$ ........ 40
К. Молдобасановдун «Манас кошууну»
симфониялык сүрөттөмөсү ........ 42
Ата Мекен ........ 43
К. Молдобасанов ........ 44
Музыкалык сабат: Өлчөм – $3/4$ ........ 46
М. Бегалиевдин «Манас» сонатасы ........ 48
М. Бегалиев ........ 49
Кроссворд ........ 53

◆ **Биз музыканы көрө алабызбы?** ........ 54
Музыканы угуп, сүрөттөп бере алабызбы? ........ 54
Аппак кар ........ 55

Музыкалык сабат: Өлчөм – $4/4$ ........ 56
Көргөзмөдөгү сүрөттөргө музыка ........ 58
Элкин Тоо ........ 60
Кыргыз саймалары музыкада ........ 61
Байчечекей жакшы гүл ........ 62
Музыкалык сабат: Такт, тактылык сызык жана затакт ........ 63
Скульптураны карап музыканы уга алабызбы? ........ 65
Бүбүсара Бейшеналиева ........ 66
Кечки жомок ........ 68
«Ак куулардын Айдың-Көл» балетинен ........ 69
П. И. Чайковский ........ 71
Музыкалык сабат: 16-лык нота жана тыныгуу белгиси ........ 73
«Саманчынын жолу» балет-ораториясы ........ 74
Шайыр комузчу ........ 76
Музыкалык сабат: Чекиттүү нота ........ 77
Нооруз майрамы ........ 78
Нооруз майрам ........ 79
Кроссворд ........ 80

◆ **Живописти уга алабызбы?** ........ 81
Музыканы сүрөттөп берген живопись ........ 81
Токтогулдун кербези ........ 83
Жыл мегилдери музыкада жана живописте ........ 85
Жазгы жамгыр ........ 87
Жеңиш күнү ........ 89
Күн балдары ........ 91
Каныкей Эралиева ........ 92
Музыкалык көркөм каражаттар ........ 93
Атай Огонбаев ........ 94
Тайды таптайм ........ 96
Сталбек Бактыгулов ........ 97
Искусствонун үч түрүнүн (музыка, адабият, сүрөт) байланышы ........ 99
Кроссворд ........ 100

◆ **Кошумча материалдар** ........ 101

О к у у  б а с ы л м а с ы

**Касей Муратбек,**
**Шамбетова Кулнар Жетикошкановна,**
**Шакирова Альбина Муслыховна**

**МУЗЫКА**

Башталгыч мектептин 4-классы үчүн окуу китеби

Редактору *К. Байтокова*
Корректору *С. Дуулатова*
Техн. редактору *Б. Тимуров*
Дизайнери *Д. Тимур*

Терүүгө 10.05.2015-ж. берилди. Басууга 04.09.2015-ж. кол коюлду.
Форматы 70Х100 $^{1}/_{16}$. Офсет кагазы № 1. «Calibri» гарнитурасы.
Көлөмү 7,5 физ. б. т. Нускасы 69 417. Заказ №  28

«Билим-компьютер» басмасында даярдалды.
Бишкек ш., Горький көчөсү, 1/2, 701

---

«ST. art LTD» ЖЧК типографиясында басылды.
Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү, 199-46.